# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ИЮЛЬ 2015 | № 7 (44) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


### Күндүн темасы

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2015-жылдагы шайлоо: добуш берүүнүн жаңы процесси ........ 2

### ЖӨБ кадрлары

2014-жыл үчүн муниципалдык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун баалоо ........ 9

Кландык жана уруучулдук өзүмчүлдүк – жаңы типтеги мамлекетти түзүү жолунда бут тосуулар ........ 14

### Мыйзамдардагы жаңылыктар

Мыйзамсыз менчиктештирилген муниципалдык объекттерди кайтаруу үчүн эскирүү мөөнөтү ........ 18

Сугат айдоо жерлерин энергетикалык объекттердин курулушу үчүн которууга (трансформациялоого) киргизилген мораторийди жокко чыгаруу тууралуу ........ 18

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камсыздандыруу төгүмдөрү, айыптык санкциялар жана туумдар боюнча карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө ........ 19

ЖӨБ органдарынын салыктык укук бузуулар үчүн административдик айып салуу укугу жөнүндө ........ 19

Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө ........ 20

Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашырууда кепилдиктер жөнүндө ........ 21

### Мен - жаранмын

Курманбек АХМЕДОВ: өзүмчүлдүк адамды артка тартат ........ 22

Анаркүл МАШАЕВА: балдардан жана жамааттагы тынчтыктан артык эч нерсе жок ........ 24

Роза ТОКТОБАЕВА: айылда мен үчүн жат көйгөй жок ........ 26

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Алгачкы жолугушуулар жана кызматташтыктын башаты ........ 28

Чүй облусунун ЖӨБ органдарынын депутаттары жана кызматкерлери ЖӨБдүн негиздери боюнча окуудан өттү ........ 29

КР Каржы министрлигинин өкүлү журналисттерди бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү Концепциясынын долбоору менен тааныштырды ........ 30

### ӨСИ жаңылыктары

Борбордун турмушу – бюджеттен бюджетке чейин ........ 31

Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча долбоор мамлекеттик өнөктөштөр менен байланыш түздү ........ 31

ЖДККЖ Долбоорунун 14 максаттуу муниципалитети тандалып алынды ........ 32

ЖДККЖ Долбоору кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча пландарды иштеп чыгуу үчүн грант берет ........ 32



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге дарекетелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.



**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29



Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2015-жылдагы шайлоо: добуш берүүнүн жаңы процесси

**Анарбек ИСМАИЛОВ,**
КР Президентинин КР Жогорку Кеңешиндеги толук ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары – КР Президенттик Аппараттын укуктук камсыздоо бөлүмүнүн жетекчиси



***Демократиялык укуктук мамлекеттин негизги милдеттеринин бири болуп эркин демократиялык шайлоону камсыздоо эсептелет. Кыргызстандын коому жана саясий уюмдары бийликке карай жол шайлоо аркылуу гана өтөрүнө көнүшү керек. Таза шайлоо гана гүлдөп-өнүккөн жана күчтүү Кыргызстанды курууга, өлкөдө акыйкат саясий системаны түптөөгө негиз болуп бере алат. Мына, шайлоо мыйзамдарын өзгөртүү процесси эки жылдан бери уланып келатат. Ушул тапта эмнелер жасалды жана жасалбай калды, кандайдыр бир каталар кеттиби, же кандай кыйынчылыктар бар, 2015-жылдын күз мезгилинде – тарыхый шайлоо маалында бизди эмнелер күтөт – артка кылчайып, мына ушуларды баалай алабыз жана муну жасаш керек.***

## Маселенин чоо-жайы

Шайлоо процесстерин өркүндөтүү көйгөйүн Республиканын Президенти көтөрүп чыгып, бул маселе 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясына (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы №11 Жарлыгы менен бекитилген) өлкөнүн артыкчылыктуу милдеттеринин бири катары камтылган.

Документте эгемен Кыргызстандын тарыхында алгачкы жолу эркин жана атаандаш мүнөздөгү шайлоону өткөрүү саясий атаандаштыкты күчөтүүгө алып келери белгиленген. Бул болсо шайлоону барган сайын ачык-айкын кылып, өткөн жылдары шайлоо процессинин катышуучулары көнүмүш адатка айландырган административдик ресурсту жана ыпылас технологияларды аныктап чыгууга жардам берет. Саясий күрөштүн кара мүртөз ыкмаларына андан ары бөгөт коюу максатында Жогорку Кеңеш, Өкмөт, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын негизинде өткөрүлгөн шайлоого, анын ичинде 2012-жылдын жаз жана күз мезгилдеринде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктарына терең анализ жасап чыгыш керек. Мына ушул анализдин негизинде мыйзамдарга[1] зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырмасы берилди. Бул өзгөртүүлөр төм. камсыздайт:

- шайлоо процессинин катышуучуларынын мыйзамдар менен тыюу салынган шайлоо технологияларын болтурбоо жана ошолорду натыйжалуу аныктап чыгуу;
- шайлоо мыйзамдарынын сакталышына көзөмөлдү күчөтүү. Кетирилген укук бузуулар жана кыянат пайдалануулар үчүн шайлоо процессинин катышуучулары жазадан кутула албоосу;

[1] 2015-жылдын 23-апрелиндеги №88 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзам

- калктын аярлуу тобунун өкүлдөрүнүн, аялдардын, улуттук азчылыктын өкүлдөрүнүн, мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын шайлоо жана шайлануу укуктарын камсыздоо максатында мыйзамдардагы ченемдерди мындан ары да өркүндөтө берүү.

Практикалык иш-аракеттердин деңгээлинде шайлоо процессин техникалык байкоо каражаттары (видео көзөмөл камералары, биометрикалык паспорттор, электрондук добуш берүү каражаттары ж.б.) менен камсыздоо да болжолдонгон.

Туруктуу өнүгүү боюнча Улуттук кеңештин 2013-жылдын 14-майында өткөн алгачкы жыйыны шайлоо процесстерин өркүндөтүү жана шайлоолордун, өзгөчө 2015-жылдагы парламенттик шайлоонун таза жана айкын өтүүсүн камсыздоо маселелерине арналды. Анын натыйжасында Президент шайлоо системасын өркүндөтүү боюнча жумушчу топ түзүп, ага төм. кирди:

- Жогорку Кеңештеги бардык беш фракциянын депутаттары;
- парламентке кирбей калган 5 саясий партиянын өкүлдөрү;
- өз ишмердүүлүгүн шайлоо системасында жүзөгө ашырган бейөкмөт уюмдар;
- БШКнын, башка мамлекеттик органдардын, прокуратура жана сот органдарынын өкүлдөрү (2013-жылдын 22-майындагы №109 Жарлык). Баары болуп жумушчу топко 33 киши кирди.

Аталган жумушчу топко бардык кызыкдар мамлекеттик органдар, саясий партиялар жана жарандык коом уюмдары менен кеңири талкуу өткөрүүнүн негизинде мыйзамдарды өркүндөтүү жана шайлоо процессине заманбап техникалык жетишкендиктерди жайылтуу боюнча сунуштарды (долбоорлорду) иштеп чыгуу жана аларды Туруктуу өнүгүү боюнча Улуттук кеңешке киргизүү тапшырылды.

Өкмөткө болсо 2014-жылдын экинчи кварталынын соңуна чейин калкты бирдиктүү мамлекеттик каттоону түзүүнү жыйынтыктоо тапшырылган. Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына шайлоо процесстери үчүн жабдуулардын, системалардын жана программалык камсыздоонун жармаңкесин өткөрүү, шайлоо процессинин түрдүү өңүттөрүн, анын ичинде шайлоочуну идентификациялоо, добуштарды эсептөө процессинде ачык-айкындуулукту жана көзөмөлдү камсыздоо боюнча эң эле ыңгайлуу системаны аныктап, аны жумушчу топко сунуштоо тапшырылды.

## Жумушчу топ

Жумушчу топ ишке жигердүү киришти. ЕККУнун жана шайлоого көз салууга адистешкен башка уюмдардын отчеттору изилденип чыкты. Ошол материалдарды изилдөөнүн жана аларды колдонуудагы мыйзамдар менен салыштыруунун натыйжасында шайлоо процессиндеги эң эле көйгөйлүү зоналардын картасы түзүлдү. Бул карта-схема (1-сүрөттү караңыз) жумушчу топко көңүлдү реалдуу көйгөйлөргө буруп, таасир этүүнүн натыйжасында бир топ маселени жоюп салчу участокторду аныктап алууга жардам берди. Ошентип бардык шайлоо процесси этаптарга бөлүнүп (карта-схемада – экинчи катар), ар бир этаптын типтүү көйгөйлөрү аныкталды – боз зоналар (карта-схемада – үчүнчү катар). Карта-схеманын 4-катарында маселени чечүүнүн болжолдуу жолдору көрсөтүлгөн.

Схемада көрүнүп тургандай, шайлоочулардын тизмесин түзүү баскычында эле Көйгөйлөр бар. Бул баскычта төмөнкүдөй көйгөй бар: актуалдуу эмес тизмелер, башкача айтканда, көп жыл мурда дүйнөдөн кайткандардын, же аты-жөнүн өзгөрткөндөрдүн, башка жакка көчүп кеткендердин тизмелери. Мына ошондон улам шайлоочулардын тизмеси ашкере кеңейип кеткен. Буга байланыштуу шайлоо бюллетендеринин да саны ашыкча болду, өтө көп ашык бюллетень басып чыгарылып, алар бардык шайлоо участокторунда таратылган. Бул болсо ашыкча бюллетендерди шайлоо үкөктөрүнө уучтап ыргытуу жолу менен аларды кара ниет колдонуу мумкүнчүлүгүн берген. Шайлоочулардын тизмесине байланышкан мындай кырдаал тизмени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары түзүп жүргөн 90-жылдардын соңунан бери уланып келатканын эске сала кетели. Шайлоочулардын ашыкча тизмесине байланышкан кырдаал баарына пайдалуу болчу: бийликке (административдик ресурсту колдонуу менен алар тизмени өз кызыкчылыгына пайдаланып, бюллетендерди каалашынча таштай алышкан); шайлоонун оппозициялык катышуучуларына (саясий партияларга, талапкерлерге жана алардын байкоочуларына, алар шайлоочулардын тизмесиндеги бурмалоолорду көрсөтө алмак); Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюродон, ЕККУдан шайлоого көз салган байкоочуларга пайдалуу болду – буларга тизмеге байланышкан маселелер шайлоонун таза жана ачык-айкын өтпөгөнүн ырастаган эң көп колдонулган доомат айланган.

Шайлоочулардын мындай тизмеси категориалдык гранттардын суммасын жана муниципалитет үчүн көрсөтүлчү башка мамлекеттик жардамдын көлөмүн көбөйтүүгө жан үрөп келишкен жергиликтүү өз алдынча башкарууга да пайдалуу болчу (гранттын же борбордон берилчү башка жардамдын көлөмүн аныктоо үчүн калктын саны өтө чоң мааниге ээ). Буга катар «даректик башаламандык» деп аталып калган башка бир көйгөй курч турган: эгемендик алгандан бери көптөгөн калктуу конуштардын, көчөлөрдүн жана тар көчөлөрдүн аталыштары өзгөргөн. Анткен менен ошол жаңы аталыштары тиешелүү деңгээлде тариздерлген эмес же катталбай калган (көптөгөн жаңы даректер жаңыча да, эскиче да аталып жүрөт). Мына ошентип кош аталыштар да пайда болду, көптөгөн үйлөрдүн номуру жок. Ошентип өлкөнүн алдында чоң милдет турду – түрдүү топтордун кызыкчылыктарына карабастан бул тизмелерди жакшылап

*1-сүрөт. Шайлоо процессинин көйгөйлүү маселелери*

МААНИЛҮҮ ЭСКЕРТҮҮ. Аталган карта-схема өзгөчө көйгөйлүү зоналарга арналган жана шайлоо процессинин шайлоо өнөктүгү өңдүү зонасын эсепке алган эмес. Шайлоо өнөктүгү укуктук усулдар менен гана жөнгө салына албайт. Себеби бул жерде коомдун аң-сезими, журналисттик этика жана саясий маданият чоң ролду ойнойт. Бул зона парламенттик шайлоодо Жумушчу топ сунуштаган инновациялык технологиялардын апробациясынан кийин гана талкуунун предмети болмокчу.



«тазалап» чыгуу, ошондой эле бирдиктүү жана актуалдаштырылган даректүү реестр түзүү.

Талапкерлерди каттоо баскычында (талапкерлердин тизмеси) финансылык мүнөздөгү бир аз маселелер пайда болду. Бирок алар ашыкча эле саясатташтырылып кетиши ыктымал. Ага карабастан шайлоо күрөөсүнүн жана шайлоо фондунун көлөмүн көбөйтүү маселесин Жумушчу топ бир аз көбөйтүүнүн пайдасына чечти жана бул сунушту Жогорку Кеңеш колдоого алды.

Добуш берүүнүн баскычында бир эле адам бир нече участокто добуш берген, же бир эле участокто бир нече жолу бюллетень таштай алган «карусель» деп аталган маселе өзгөчө көйгөйлүү болду. Бул көрүнүш добуштардын теңдиги принцибин (бир шайлоочу – бир добуш) бузат. Ушул эле баскычта бюллетендерди ашыкча таштоо көйгөйү да орун алып келет. Башкача айтканда, ашыкча басып чыгарылган бюллетендер кандай бир жол менен кайсы бир талапкердин (партиянын) пайдасына толтурулуп, добуш берүү учурунда үкөккө ташталат (кээде бюллетендерди эсептеп жаткан маалда).

Ошондой эле шайлоо процессинде мыйзамдуулукту көзөмөлдөө баскычында да көйгөйлөр бар экенин белгилей кетүү зарыл. Мисалы, мыйзамдар менен шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө укук бузууларды карап чыгуу ишинде түрдүү мамлекеттик органдардын компетенциясы так аныкталган эмес. Айталы, бирдей эле укук бузуулар прокуратурада да, милицияда да, сотто да кароонун предмети боло ала турганы тууралуу норма бар болчу. Буга байланыштуу бийлик органдары укук бузууларга даттанып келгендерди туш-тарапка кайтарып турушкан. Бул дагы нааразылыкка жана доомattарга себеп болгон.

## Сунушталчу чечимдер

### Артыкчылыктар

Жумушчу топ узакка созулган талаш-тартыштардан жана коомдук талкуулардан кийин шайлоочулардын тизмесин түзүү жана добуш берүү баскычтарындагы көйгөйлөр негизги болуп эсептелет, ал эми аларды чечүү чоң мультипликативдүү натыйжага алып келет деген чечимге келди. Бул көйгөйлөрдү төм. түрдөгү техникалык жаңычылдыктарды жайылтуу жолу менен чечүүгө болот:

- шайлоочулардын милдеттүү биометрикалык каттоосу жана тизмеге ошондой каттоодон өткөн гана жарандарды кошуу. Бул болсо «адаштардын» жана «өлүү жандардын» тизмеге кирип калуусун болтурбайт. Биометрикалык каттоодон өтпөгөн адамдар шайлоочулардын тизмесине киргизилбейт, демек алар добуш бере алышпайт;
- добуш берүү күнү шайлоочуну манжаларынын изи боюнча милдеттүү түрдө идентификациялоо. Бул болсо кызыкдар талапкер (партия) бир нече шайлоочуну добуш берүүгө барбай коюуга көндүрүп, алардын паспортун убактылуу алып, ошол талапкердин (партиянын) өкүлү шайлоого катышпай калган жарандардын ордуна добуш бере ала тургандай «паспорт ижарасы» деп аталып калган көрүнүштү болтурбоого жол берет[1].
- добуш берүүнү эсептөө баскычында автоматтык түрдө эсептеген үкөктөрдү колдонуу. Бул айырмачылык жаңы укуктук нормалар менен кошо бюллетенди эсептөөдө «адам факторунун» таасирин бир кыйла азайтат.

### Мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин бөлүштүрүү

Шайлоо процесси толугу менен түрдүү мамлекеттик органдардын жоопкерчилик чөйрөсү боюнча так ажыратылышы үчүн Жумушчу топ жаңы Мыйзамда төмөнкүлөрдү сунуштады (2-сүрөттү караңыз):

[1] Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү менен талапкерлер (партиялар) жең ичинен сүйлөшүп алган учурда участокко келген шайлоочунун тек жайы өтө кылдааттык менен такталбайт, ал эми байкоочулар шайлоочунун тек жайын аныктоонун жол-жобосун дайыма эле жакшы көзөмөлдөй албай алат.

*2-сүрөт. МКК менен БШКнын өз ара аракетинин тартиби*



*3-сүрөт. КБМР ишинин модели*




- шайлоочулардын тизмесин түзүү үчүн (анын ичинде тизмеге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн) жана добуш берүү күнү шайлоочуну идентификациялоо үчүн Мамлекеттик каттоо кызматы жооп берет (буга чейин бул үчүн БШК жана жергиликтүү шайлоо комиссиялары жооп берчү);
- участоктордун чегин белгилөө, шайлоочулардын тизмесин такталарга илип чыгуу, тизмедеги каталарга даттанууларды кабыл алуу жана аларды МКК органдарына өткөрүп берүү, добуш берүүнү уюштуруу (бюллетендерди берүү, аларды эсептеп чыгуу, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана аларды жарыялоо) үчүн тиешелүү шайлоо комиссиялары жооп берет.

## Шайлоочулардын тизмесин түзүү

Актуалдаштырылган, башкача айтканда чын маалыматты камтыган тизмени түзүп чыгуу үчүн өтө чоң иш жасалыш керек – маңызы боюнча добуш бере ала турган калкты кайрадан каттоодон өткөрүү зарыл. Бул каттоонун жыйынтыгы Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестрине (КБМР) кошулат. Бул максатта 2014-жылдын июнь айында «Жарандардын биометрикалык каттоосу жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган. Биометрикалык каттоо процессинин өзү 2014-жылдын күз мезгилинде башталып, 2015-жыл бою уланып келатат. Бара-бара жапырт биометризациялоо соңуна чыкканына жараша (паспорту бар же жок болгонуна карабастан) процесс паспорттоштуруунун кадимки жол-жобосунун баскычына өтөт. Бул баскычта биринчи жолу паспорт алып жаткан адамдар гана каттоо процессинен өтөт. Катталган жарандар тууралуу маалымат борборлоштурулган маалымат базасында топтолот. Андан кийин ал берилген паспорттор тууралуу маалымат банкы, ЗАГС системасы, Социалдык фонд жана башка мамлекеттик органдар менен айкалыштырылат (3-сүрөттү караңыз). Ошентип бирдиктүү маалымат системасы пайда болот. Анда ар бир жаранга өзүнчө файл ачылып, анда төм. маалыматтар камтылат:

- ПИН (азыр бул ИНН);
- фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы, анын ичинде аты-жөнүн өзгөрткөн учурда;
- айрым бир башка маалыматтар (паспортунун номери, катталган дареги, иш жүзүндө жашаган дареги);
- жарандыктан чыккандыгы жана өлүмү тууралуу маалыматтар;
- сүрөтү жана бардык он манжанын изи тууралуу санариптештирилген маалымат (биометрикалык маалымат).

Бул КБМР системасынан шайлоочулардын тизмесин түзүү үчүн маалымат алынат.


Шайлоо күнү аныкталгандан кийин Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) шайлоочулардын тизмесин түзүү боюнча ишти баштайт (4-сүрөттү караңыз):

*4-сүрөт. Шайлоочулардын тизмесин даярдоо*




- БШК шайлоо участокторунун чегин аныктайт жана аларды МККга өткөрүп берет;
- МКК биометрикалык маалыматтардын негизинде шайлоочулардын тизмесин түзөт жана электрондук түрүндө БШКга добуш берүү күнүнө 50 календардык күн калганда өткөрүп берет;
- БШК ошол замат тизмелерди басып чыгарат жана УШКга (участкалык шайлоо комиссияларына) өткөрүп берет;
- УШК добуш берүүгө чейин 45 күндөн кечиктирбестен тизмелерди таанышып чыгуу үчүн иле баштайт;
- шайлоочулар өздөрүн тизмеде добуш берүүгө чейин 15 календардык күн мурда текшерет. Эгерде тизмеге байланышкан суроолор пайда болсо, анда алар арыз жазып, ага өз документтеринин (паспортунун) көчүрмөлөрүн тиркеп, УШКга кайрылат. УШК арыздарды жана ага тиркелген документтерди МККга өткөрүп берет;
- МКК добуш берүүгө чейин 10 календардык күн мурда шайлоочулардын соңку тизмесин иштеп чыгат жана түзөт, андан кийин кайрадан БШКга өткөрүп берет;
- БШК шайлоочулардын тизмесин басып чы-

*5-сүрөт. Шайлоочуну шайлоо күнү идентификациялоо*



гарып, добуш берүүгө чейин 3 күн мурда номер коюп, бекитип жана БШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүп тиешелүү УШКга өткөрүп берет;

- ММК добуш берүүгө чейин 3 күн мурда идентификациялык жабдууга (сканери жана ридери бар компьютерлер) шайлоочулардын акыркы тизмесин электрондук түрдө көчүрүп, аны шайлоо участокторуна жиберет.

## Добуш берүү процесси

Добуш берүү процесси төмөнкүдөй болот (5-сүрөттү караңыз):

- шайлоочу участокко келет. Кире бериште аны Мамлекеттик каттоо кызматынын оператору (МКК оператору) тосуп алат;
- шайлоочу операторго өзүнүн ID-картасын же жалпы жарандык паспортун (чет өлкөгө чыкчу паспортун) берет;
- оператор ID-картаны же жалпы жарандык паспортту маалыматты окуй турган түзүлүшкө (ридер) киргизет. Натыйжада компьютердин экранында шайлоочу тууралуу маалымат ачылат (бул маалымат биометрикалык каттоо маалында киргизилген): сүрөтү, ID-картасынын же жалпы жарандык паспорттун номуру. Бул маалымат чоң экранга чыгып, ошол жерде отурган байкоочулар шайлоочу тууралуу маалыматты көрө алышат;
- ошондон кийин шайлоочу манжасын (оператордун тандоосу боюнча) атайын маалымат алчу түзүлүшкө (сканерге) коет жана компьютер манжанын изин компьютерде сакталган из менен салыштырат. Эгерде маалыматтар дал келсе, анда компьютер адам идентификацияланганы тууралуу чек берет. Ошол эле учурда компьютер шайлоочунун файлын «жабат». Б.а., шайлоочу тууралуу маалыматты белгилеп коет жана ал маалыматты кайрадан колдонуу мүмкүн болбой калат;
- шайлоочу ага берилген чекти алып, шайлоо комиссиясына барат жана ошол чекти бюллетенге алмаштырат. Ошону менен бирге шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочуну кагаздагы тизмеден кайрадан каттоодон өткөрөт. Б.а., шайлоочу эки жолу каттоодон өтөт: бир жолу МККнын компьютеринен, экинчи жолу участкалык комиссиянын кагаздагы тизмесинен;
- шайлоочу бюллетенди толтуруп, аны автоматташтырылган маалымат окуй турган үкөккө (АМОҮ) таштап, участоктон чыгып кетет.

## Добуштарды эсептөө процесси

Саат 20:00дө шайлоо участогу жабылат, ал эми шайлоо комиссиясы добуштарды эсептөөгө киришет. Эгерде участокто үйүнөн добуш берген шайлоочулар болсо (буга добуш берүү үчүн көтөрүп жүрмө кутуларды колдонуу жолу менен Мыйзам уруксат берет), анда бул кутулардан бюллетендер чыгарылып, эсептелет. Кутудан алынган бюллетендердин саны протоколго киргизилет. Ал эми бюллетендердин өзү болсо Автоматташтырылган маалыматтарды окуй турган үкөктөргө (АМОҮ) салынат.

Андан кийин тиешелүү жерин баскандан кийин АМОҮ өчүрүлөт (ошону менен жаңы бюллетендерди кабыл алуу токтотулат). Ошол замат АМОҮ добуш берүүнүн жыйынтыгы тууралуу дүмүрчөктү берет (үкөккө канча бюллетень түшкөнү ж.б. маалыматтар тууралуу). Бул маалыматтар алдын ала болуп эсептелет жана добуштарды колго эсептөөнүн жыйынтыгы менен салыштырылыш керек.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы АМОҮ системасынын маалыматы менен дал келбей калган учурда талапкердин өкүлүнүн же байкоочунун талабы боюнча добуштар кайра эсептелет. Шайлоо бюллетендер түздөн түз алардын катышуусунда эсептелет. Добуш берүүнүн соңку жыйынтыктары добуштарды колго эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Ар бир УШК боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары 3 календардык күндөн кечиктирилбестен БШКнын расмий сайтында жайгаштырылат.

## Талаш-тартыштарды чечүү

Жумушчу топ шайлоо процессинде пайда болчу талаш-тартыштарды карап чыгуу тартибин өзгөртүүнү чечти. Мурда шайлоочу же шайлоо процессинин башка бир катышуучусу шайлоо комиссиянын чечимдерине жана иш-аракеттерине даттанып, сотко же андан жогору турган шайлоо комиссиясына кайрылууга укуктуу болчу. Бул талаш-тартыштарды чечүү ишин бир кыйла создуктурчу. Эми, жаңы мыйзамдарга ылайык, участкалык же аймактык шайлоо комиссиясынын чечимдерине, иш-аракеттерине (аракетсиздигине) биринчи инстанциядагы сотторго даттанууга болбойт. Арыздар жогору турган шайлоо комиссиясында гана каралат. Соттук тартипте БШКнын чечимдери гана даттанууга жатат. Бул болсо иштерди кароодо кесипкөй мамиле жасоого жол ачмакчы.

## Жергиликтүү шайлоо тууралуу

Мыйзамдардагы жогоруда аталган өзгөрүүлөрдүн баары азырынча Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого гана тиешелүү. Анткен менен жаңы технологиялар менен жабдуу процесси жергиликтүү шайлоолорду да кыйгап өтпөй турганы талашсыз. Мындан улам «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» мыйзам да өзгөрмөкчү. Бул тууралуу программалык документтерде да (Туруктуу өнүгүүнүн Улуттук стратегиясы), ушул макаланын башында айтылган Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгында да белгиленген.

# 2014-жыл үчүн муниципалдык кызматчылардын ишинин натыйжалуулугун баалоо

**Калыбек АЛЫШБАЕВ,**
КР Мамлекеттик кадр кызматынын муниципалдык кызмат бөлүмүнүн башчысы



Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-июнундагы №383 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү боюнча 2013-2020-жылдарга карата чаралары жөнүндө» токтому кабыл алынгандан бери дээрлик бир жарым жыл өттү. Бул токтомду ишке ашыруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аткарган иш, ошондой эле ортодо пайда болгон тоскоолдуктар тууралуу пикир бөлүшүүгө да учур келди.

Аталган токтом менен мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына төмөнкүдөй документтер өттү:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүүнүн 2013-2020-жылдарга карата программасы;
- Мамлекеттик кызматтын администрациялык мамлекеттик кызмат органдарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптар;
- Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын кызматтык типтүү нускамасы;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын ишине натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн пайдалануу менен баалоо жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо;
- кызматчыга милдет коюу тууралуу акт;
- кызматчынын милдетин түзөтүү актысы;
- кызматчынын аткарган иши тууралуу отчет;
- кызматчынын ишине баа берүү боюнча түздөн түз жетекчинин отчету;
- кызматчынын ишине жылдык баа берүү;
- кызматчынын ишин баалоонун негизги критерийлери.

### Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын эмгек акысын төлөө боюнча жаңы система эмне үчүн киргизилген?

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга эмгек акы төлөөнүн мурдагы системасына талдоо жүргүзгөн учурда ченемдик-укуктук актылардагы кемчиликтер, эмгек акы төлөө системасына бирдей мамиле жана принциптердин жоктугу өңдүү көйгөйлөр аныкталган. Мунун натыйжасында ведомстволук кызыкчылыктарды сүрөө үчүн шарттар түзүлүп, кызматчылардын эмгек акысынын деңгээли иштин көлөмүнө жана татаалдыгына, функционалдык милдеттери боюнча жоопкерчилигине эмес, ээлеген кызматына көз каранды болгон. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, министрликтердин борбордук аппаратында, ведомстволордо, ошондой эле облустук жана райондук башкармалыктарда базалык коюмдардын минималдык маанисинин көлөмүндө айырма болгон. Мунун баары бирдей кызматтарды ээлеген, бирок ар башка көлөмдө жана татаалдыкта иштерди аткарган кызматчылар дээрлик бирдей маяна алып калган кырдаалды пайда кылган. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын реестрлери кызмат орундун квалификациясы менен эмгек акынын деңгээли ортосундагы түз өз ара байланышты кепилдеген эмес.

Мындай кырдаал көпчүлүк кызматчыларда учурдагы системанын натыйжасында жакшы иштейби же жокпу, буга карабастан баары бир белгиленген сумманы алат деген түшүнүктү калыптан-

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында муниципалдык кызматчылардын ишинин натыйжалуулугун баалоонун жыйынтыктары тууралуу 2015-жылга карата маалымат***

| Регион | Муниципалдык кызматчылардын жалпы саны | | Баалоо | | | | Баалоонун жыйынтыгы боюнча жыйынтыктар | | | Иши жыл жыйынтыгы боюнча бааланбай калган муниципалдык кызматчылардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Штат боюнча | Факт боюнча ээленген кызматтар | «Мыкты» | «Жакшы» | «Канааттандырарлык» | «Канааттандырарлык эмес» | Маянасын жогорулатууга көрсөтүлгөндөр | Сыйлыкка көрсөтүлгөндөр | Квалификациясын жогорулатууга жана окууга жиберүүгө көрсөтүлгөндөр | |
| | киши | | пайыз | | | | киши | | | |
| Нарын облусу | 754 | 724 | 20 | 58 | 11 | 0,28 | 146 | 421 | 80 | 77 |
| Ысык-Көл облусу | 899 | 837 | 36 | 46 | 6 | 0 | 301 | 384 | 49 | 103 |
| Ош шаары | 156 | 135 | 22 | 7 | 0 | 0 | 30 | 9 | 0 | 96 |
| Ош облусу | 1897 | 1664 | 32 | 42 | 10 | 0 | 525 | 678 | 180 | 281 |
| Баткен | 768 | 721 | 23 | 40 | 10 | 0 | 158 | 350 | 19 | 194 |
| Жалал-Абад | 1701 | 1619 | 45 | 36 | 14 | 0,93 | 729 | 576 | 236 | 78 |
| Чүй облусу | 1662 | 1311 | 18 | 22 | 2 | 0 | 223 | 295 | 32 | 761 |
| Талас облусу | 483 | 417 | 34 | 36 | 12 | 0 | 130 | 174 | 36 | 340 |
| Бишкек шаары | 1026 | 963 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 963 |
| **Баары** | **9346** | **8391** | **27** | **34** | **8** | **0,20** | **2242** | **2887** | **632** | **2893** |

дырган. Айрым кызматчылар эмгекке кызыгуусун көрсөтүшкөн эмес, аларга жүктөлгөн милдеттенмелерди өз убагында жана сапаттуу аткарууга, эмгек тартибин бекемдөөгө умтулган эмес, аларда өз алдынчалуулук, демилге көтөрүү өңдүү сапаттар болбой, бул болсо жалпы иштин сапатына жана жыйынтыгына терс таасирин тийгизген.

Жаңылануунун негизги максаты – мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын реестри менен аныкталган кызматтардын иерархиясына, ошондой эле иштин жыйынтыгына жана кызматчылардын эмгек акы төлөө системасынын өз ара байланышына негизделген ишмердикти баалоонун натыйжалуу системасын түзүү. Мунун натыйжасында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн кызматтан жогорулоо камсыздалып, эмгек акынын деңгээли оптималдаштырылып, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда ажырым мүмкүн болушунча азайыш керек.

Өкмөттүн токтому күчүнө кирген күндөн баштап, Мамлекеттик кадр кызматы мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоодо усулдук жана консультациялык жардам көрсөтүү боюнча жумуштарды баштады. Аймактык өкүлчүлүктөрдүн жооптуу кызматкерлери Жобону ишке ашыруу боюнча материалдарды даярдап, айыл өкмөтөрүндө жана шаарлардын мэрияларында окутуучу семинарларды өткөрдү. Мындан тышкары пайда болгон суроолорду чечүү боюнча өз убагында жардам көрсөтүү максатында ар бир районго жана шаарга өкүлчүлүктүн аппаратынын кызматкерлери бекитилди.

## 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоонун жыйынтыктары

8391 муниципалдык кызматчынын ичинен 5761 кызматчы баалоодон өттү. Бул болсо 69 пайызды түзөт. 2272 же 27 пайызы «мыкты» деген баа алса, 2812 кызматчы, же 34 пайызы - «жакшы», 660 кызматчы, же 8 пайызы «канааттандырарлык» деген баа алды. Болгону 17 кызматчы, же бир пайыздан азы «канааттандырарлык эмес» деген баа алды (Жалал-Абад жана Нарын облустарында). Иши «мыкты» деп бааландандарды эмгек акынын шкаласы боюнча кезектеги тепкичке көтөрүү сунушталды. Аймактар боюнча жыйынтыктар таблицада да келтирилди.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өкмөттүн токтомун аткаруусу боюнча жүргүзгөн иштерге жыл бою жасалган анализ буларды көрсөттү: мындай система биринчи жолу киргизилип жаткандыктан, жетишилген белгилүү бир жыйынтыктар менен катар уюштуруучулуктун жоктугу өңдүү айрым бир кемчиликтер да болду. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары боюнча суроолорду системага салуу, 2014-жылы кетирилген каталарды болтурбоо, ошондой эле өкмөттүн токтомун толук кандуу ишке ашыруу үчүн райондордун жана ша-

арлардын деңгээлинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн семинарларды уюштуруу тууралуу чечим кабыл алынды.



Мамлекеттик кадр кызматынын коллегиясынын чечимине ылайык, 2015-жылдын экинчи кварталында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында муниципалдык кызматчылардын ишин баалоо тажрыйбасы менен бөлүшүү боюнча практикалык семинарлар өткөрүлдү. Семинарлар республикадагы 25 айыл өкмөттүн жана 7 шаардын базасында өтүп, ага жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген 1500дөн ашык муниципалдык кызматчы, ошондой эле иши муниципалдык кызматка байланышкан кызматчылар да катышты. Семинарларга Мамлекеттик кадр кызматынын жооптуу кызматкерлери, КР Өкмөтүнүн облустардагы, райондук мамлекеттик администрациялардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлери, ошондой эле райондук жана шаардык финансы бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү катышты.

Семинарларды өткөрүүнүн негизги максаты өкмөттүн токтомунун алкагында коюлган тапшырмаларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айыл өкмөттөрүндө жана шаарлардын мэрияларында аткаруусу боюнча иштердин жыйынтыгын талкуулоо, тажрыйба алмашуу жана иштин жүрүшүндө пайда болгон талаштуу маселелерди чечүү боюнча макулдашылган сунуштарды иштеп чыгуу болду.

Семинарлардын күн тартибин бекитүү процессинде жана катышуучулардын курамын тактоодо ар бир райондо бул багытта ийгиликке жетише алган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын алдын ала аныктап алуу жана башка айыл өкмөттөрдө алардын тажрыйбасын жайылтуу тууралуу чечим кабыл алынды.

Семинарлардын жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнө күн тартибне кошулган суроолордон тышкары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ченемдик-укуктук актыларын сактоо, сынактарды жана аттестацияларды өткөрүү, ошондой эле иш өндүрүшүн жүргүзүү тартиби боюнча слайддар көрсөтүлдү. Башчылар жана жооптуу катчылар өз иши тууралуу маалымат беришти. Семинарлардын катышуучулары күн тартибиндеги маселелерди суроо-жооп формасында талкуулап, пикир алмашты.

Айрым жерлерде семинарлар райондук деңгээлде өткөрүлгөнүнө карабастан кошуна райондордун айыл өкмөтүнүн башчыларына жана жооптуу катчыларына да ушул семинарларга катышуу мүмкүнчүлүгү берилди. Семинарлардын катышуучуларына маалымат такталары, усулдук бурчтар, зарыл адабияттар жана муниципалдык кызмат боюнча документтер көрсөтүлдү. Ал эми айрым бир айыл өкмөттөрүндө социалдык-экономикалык жетишкендиктер тууралуу кошумча маалымат берилди.

Чүй жана Талас облустарында Борбордук аймактык өкүлчүлүктүн кызматкерлери «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын ишине натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн пайдалануу менен баалоо жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Жобо боюнча кошумча окуу өткөрүштү.


Семинарлардын катышуучулары мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоого тиешелүү аларды кызыктырган бир катар суроолорго жооп алалышты. Аларга айыл өкмөтүндө муниципалдык кызматчылардын ишин баалоонун жыйынтыгы менен жеринде таанышып чыгуу жана учурдагы кемчиликтерди жоюу боюнча усулдук жардам алуу мүмкүнчүлүгү берилди.

Жалпысынан райондук мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары муниципалдык кызматты өтөөнү мындан ары жакшыртуу, айыл өкмөтүнүн катчылары, мэриянын аппарат жетекчилери арасында муниципалдык кызматчылардын жоопкерчилигин жогорулатуу, ошондой эле муниципалдык кызматтын милдеттерин түшүндүрүү жана талдоо жаатында семинардын оң жактарын белгилешти.

Өзгөчө көңүл ишти баалоо системасына бөлүндү. Талап кылынган деңгээлде уюштуруучулук ишти жүргүзгөн муниципалдык органдардын арасында Баткен облусунун Кадамжай жана Жалал-Абад облусунун Кербен шаарларынын мэриялары болду. Бул тизмеге Лейлек районунун Кулунду, Кара-Суу районунун Кашкар-Кыштак, Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа, Ысык-Көл районунун Тамчы, Нарын районунун Достук, Талас районунун Бердике Баатыр айылын, ошондой эле Чүй облусунун айрым бир айыл өкмөттөрүн кошсо болот.

Муниципалдык кызматчылардын ишине натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн пайдалануу менен баалоо жүргүзүү боюнча Жобону ишке ашыруу тууралуу айта турган болсок, бул багытта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүргүзгөн ишке жасалган анализ айрым бир кемчиликтерди аныктады.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өкмөттүн токтомунун маанисин соңуна чейин



Ал эми айрым жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Баа берүү боюнча Жобону колдонмого албастан баалоо жүргүзгөн. Мисалы, Талас районунун Нуржанов айыл өкмөтүндө жыл ичинде 10 штаттык бирдиктин 5 кызматкери ишке сынактын негизинде алынган. Бирок буга карабастан алар ишке кабыл алынган күндөн бери бир жыл өтө элек болсо да баары жыл жыйынтыгы боюнча «мыкты» деген баа алган.

Бакай-Ата районунда айыл өкмөтүнүн бардык кызматкерлерине «жакшы» деген баа берүү менен түшүнбөстөн алдыга коюлган тапшырмага жетиштүү деңгээлде көңүл бурбай, чынында аны ишке ашырууга формалдуу мамиле жасашкан. Натыйжада айрым бир айыл өкмөттөрүндө жана мэрияларда төмөнкүдөй типтүү кемчиликтер орун алган:

- талкуулоого коюлган квартал сайынкы отчетторго эмес, жылдык жыйынтыктарга гана негизделген муниципалдык кызматчынын ишин формалдуу баалоо;
- бардык талаптарга, ошондой эле кварталдык жана жылдык баалоо материалдарына ылайык жүргүзүлгөн баалоонун натыйжасында баа берүү боюнча комиссиянын чечимдерин тиешелүү райондук финансы бөлүмдөрүнө өз убагында тапшырбоо (мындай фактылар Кадамжай, Чоң-Алай жана Сокулук райондорунда орун алган). Мунун натыйжасында «мыкты» деген баа алган, маянасы жогорулашы керек болгон муниципалдык кызматчылардын эмгек акысынын көлөмү мурдагы эле деңгээлинде кала берген;
- дотацияда турган көпчүлүк айыл өкмөттөрүнө каржылоо булактарынын жоктугун шылтоолоп, муниципалдык кызматчылардын ишине баа берүүнү теңдештирүү үчүн «мыкты» жана «канааттандыраарлык эмес» деген бааны атайын койбогон фактылар да орун алды;
- дээрлик бардык айыл өкмөттөрүндө финансы-экономикалык бөлүмдөр кийинки жылга бюджетти түзүүдө эмгек акы үчүн кошумча каражат боюнча өзгөртүүлөрдү жергиликтүү бюджетке киргизген эмес. Мунун натыйжасында «мыкты» деген бааны алган айрым муниципалдык кызматчылардын маянасы көбөйбөй калган.

чектелүүнү чечишкен. Айылдык кеңештин депутаттары райондогу бардык айыл өкмөтүнүн ишине баа берүүдө эч ким «мыкты» деген бааны албай калганы буга себеп болду. Буга байланыштуу айыл өкмөтүнүн баа берүүчү комиссиялары депутаттар менен мамилени бузбаш үчүн бардык муниципалдык кызматчылардын баасын аткаруу органына чыгарылган жалпы баа менен теңдештирип коюшкан. Бул туура эмес чечим. Биринчиден, айыл өкмөт башчылары гана муниципалдык кызматчылар жыл ичинде жасаган иштин сапатын жана көлөмүн билишет жана алар гана кызматчыларга баа берүүгө укуктуу. Депутаттардын баасы жалпысынан айыл өкмөтүнүн жалпы ишине гана тиешелүү. Ал эми ар бир кызматчынын ишине баа берүү айыл өкмөтүнүн комиссиясынын компетенциясына кирет. Экинчиден, муниципалдык кызматчылардын ишин баалоодо жалпылаштырууга жол берилбеш керек. Ар бир кызматчыга жеке мамиле жасалууга тийиш. Ошондуктан аппараттын бардык кызматкерлери «жакшы» же «жаман» иштеди деп айтууга болбойт. Ар бир кызматчы өз ишинде жумушка карата мамилеси, аткаруучулук мүмкүнчүлүктөрү жана жөндөмдүүлүгү менен айырмаланат.

Баа берүүдө көпчүлүк жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында комиссия мүчөлөрүнүн арасында эгерде муниципалдык кызматчы толук календардык жыл иштебесе, анын иши кантип бааланыш керектигине байланыштуу суроо бир топ талаш-тартыштарды жаратты. Мындай суроолор жыл соңунда пайда болбош үчүн жыл башында комиссия өз жыйынында муниципалдык органдагы ишинин мезгилин аныктап алыш керек. Ошондон кийин анын ишине баа берүүгө болот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун ишке ашырууга Бишкек шаарынын мэриясы жана анын структуралык бөлүмчөлөрү жоопкерчиликсиз мамиле жасады. Республика боюнча 2014-жылы муниципалдык кызматчынын ишине баа берүү боюнча эч кандай уюштуруучулук ишти жүргүзбөгөн жалгыз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы Бишкек шаарынын мэриясы болуп калды. Мунун натыйжасында муниципалдык кызматчынын эмгеги бааланбай, эмгек акысы жогорулабай, ишке болгон кызыгуу азайып, эмгекке болгон умтулуу жоголгон.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын ишине баа берүүдө айрым бир мамлекеттик жана муниципалдык органдар формалдуулуктан качып, өздөрү демилге көтөрүп турушту. Мисалы, Билим берүү жана илим министрлиги Чоң-Алай райондук билим берүү бөлүмүнүн мамлекеттик кызмачыларынын жылдык ишине баа берүүдө өзүнүн ыйгарым укуктарын райондук мамлекеттик администрацияга өткөрүп берди. Райондук администрациянын социалдык маселелер боюнча башчысынын орун басары билим берүү боюнча да куратор болгону үчүн ал баа берүү боюнча өз сунуштарын берди. Бул туура чечим. Себеби мамлекеттик органдардын райондук жана шаардык башкармалыктары өзүнүн күнүмдүк ишинде акимиаттар жана мэриялар менен тыгыз өз ара аракетте болот, жергиликтүү бийлик органдары министрликке караганда алардын иши тууралуу көбүрөөк кабардар. Бул учурда министрликтер ишти баалоонун жыйынтыгын чыгарууга формалдуу мамиле жасаган жок десек болот.

Кара-Кулжа районунун Чалма айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы айыл өкмөтүнүн аппаратында муниципалдык кызматчынын жылдык ишинин жыйынтыгы боюнча баа берүүдө райондук деңгээлдеги жетекчилердин пикирин эске алган. Бул дагы акылга сыярлык мамиле. Анткени айыл өкмөтүнүн аппаратында өзүнүн айрым ыйгарым укуктары боюнча мамлекеттик органдар менен иштешкен жана аларга отчет берген муниципалдык кызматчылар бар (финансы, социалдык маселелер, аскердик эсепке алуу ж.б. боюнча адистер)[1]. Ошондуктан мамлекеттик орган тапшырган милдетти өз убагында жана сапаттуу аткаруу, мамлекеттик иштер боюнча айлык, кварталдык жана жылдык отчетторду өз маалында түзүү, эмгек тартибин сактоо өңдүү муниципалдык кызматчынын ишинин көрсөткүчтөрүн мамлекеттик органдын райондук мекемелеринин жетекчилери реалдуу баалай алат.


Жогоруда саналган усулдар мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишине баа берүүдө натыйжалуулукту арттырууга көмөктөшөт жана андан ары колдонмого алынмакчы. Учурда аларды 2015-жылдын жыйынтыгын чыгарууда колдонуу тууралуу маселе каралууда.

Белгилүү болгондой, түшүнбөстүктөр, тоскоолдуктар, кыйынчылыктар кайсы чөйрөгө же системага карабасын ар бир жаңы иште боло турчу көрүнүш. Кызматчылардын ишине баа берүү боюнча семинарлардын жыйынтыгын талдап көрүп, бул багытта терс учурлар, кыйынчылыктар болгонун айта алабыз. Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ишти оң жолго салуу үчүн чоң моралдык-саясий дарамети бар болгонун да белгилей кетүү зарыл.

Жалпысынан өткөрүлгөн семинарлардын катышуучулары КР Өкмөтүнүн токтомуна ылайык, республикада мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын реестри менен аныкталган кызматтардын иерархиясына ылайык мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишине баа берүүнүн натыйжалуу системасы түзүлүп жатканына күбө болушту. Баа берүү акыры эмгек акынын деңгээлине таасирин тийгизип жатканы өзгөчө маанилүү. Бул болсо мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларда өз дараметин жогорулатууга жана натыйжалуу иш жүргүзүүгө реалдуу дем пайда болгонун билдирет. М

[1] Өнүктүрүү саясат институту муниципалдык кызматчыга берилген ыйгарым укуктарды аткаруусун баалоодо мамлекеттик органдардын пикирин эсепке алуу идеясын жалпысынан колдойт. Анткен менен берилген ыйгарым укуктарды баалоо конкреттүү муниципалдык кызматчыны гана эмес, бардык ЖӨБ органына карата белгиленген критерийлер боюнча жүргүзүлүш керек деп эсептейт. Бул критерийлер тиешелүү ченемдик укуктук актыда же ыйгарым укукту берүү тууралуу келишимде белгилениш керек.





*Плакаттын автору – «БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014» плакаттар сынагынын катышуучусу Нурлан уулу Нурсултан, Чолпон-Ата*

# Кландык жана уруучулдук өзүмчүлдүк – жаңы типтеги мамлекетти түзүү жолунда бут тосуулар

**Тынчболот ЖУМАНАЛИЕВ,**
тарых илимдеринин доктору,
профессор,
Ж.Баласагын ат. КУУ ИИМОП
чыгыш таануу
факультетинин деканы



Белгилүү америкалык футуролог Э. ТОФФЛЕР «Бийликтин метаморфозалары» деп аталган китебинде заманбап коомдогу тең салмактуу бийликтин маңызын бир топ терең баяндап берген жана анын ашыкча болушу, же жетишсиздиги эмнеге алып келиши мүмкүн экенин так мүнөздөй алган: «... «ашыкча бийлик» же бийликтин ашкере топтолуусу деген түшүнүк бар – ал коркунучтуу. Тарыхта мунун мисалдары өтө эле көп. Бирок бийликтин топтолуусунун жетишсиздиги да андан кем калбастан коркунучтуу болот. Айталы, дымактуу талаптары менен ондогон топтор коомдо анархияны жана башаламандыкты жаратып, Конституцияга каршы келген усулдар менен бийликке умтулат. Мындай кырдаалда бийликтин ашкере болушу же анын жетишсиздиги өтө оор кесепеттерге алып келет. Өкмөткө тапшырылган бийлик реалдуу (ойдон чыгарылбаган) тышкы коркунучтан коргоону камсыздоо үчүн, ошондой эле минимум ички тартип жана жакшы мамилелер үчүн да жетиштүү болуш керек»[1].

Мамлекеттүүлүк улуттук жактан акталган, элдин кызыкчылыгындагы максаттарга кызмат өтө керек. Болбосо, мамлекет улуттун кызыкчылыкта-

[1] Тоффлер Э. Бийликтин метаморфозалары. – М., 2002. 577-бет.

рын көздөбөй, коррупцияга жана чыккынчылыкка баш-оту менен малынып калат. Мамлекет коомдун руханий өнүгүүсүнө, өсүп келаткан муундун рухий-адеп-ахлактык тарбиясына көңүл буруш керек. Анткени рухий маданият, рухий баалуулуктар – бул өнүгүүнүн, прогресстин бир бөлүгү.

Өз миссиясын ийгиликтүү ишке ашыруу жана мамлекеттин максаттарына жетүү үчүн биздин салттарыбызга, баалуулуктарыбызга, ой жүгүртүүбүзгө жана аң-сезимибизге каршы бир катар популярдуу эмес чараларды жүзөгө ашыруу зарыл. Мисалы, маморгандарда, бийликтин бардык түзүмдөрүндө, мекемелерде ж.б. ротация системасын киргизүү керек; мамлекеттик деңгээлде ой жүгүртө алган, моралдык жана интеллектуалдык аброю бар мамкызматчыларды кесипкөйлүк, компетенттүүлүк принциби боюнча тандап алууну иштеп чыгып, жайылтуу зарыл. Бир топ өлкөлөрдө көп мезгилден бери ротация системасы ийгиликтүү иштеп, жемишин берүүдө. Ал жакта аткаминер анын кесипкөйлүгү, компетенттүүлүгү жана натыйжалуу башкаруусу ага кызматынан жогорулоого мүмкүнчүлүк берип, мындан улам эмгек акысы да көтөрүлөрүн билет. Мындай субъективдүү факторлорсуз мамлекеттүүлүктү бекемдөө, мамлекетти андан ары өнүктүрүү максатында натыйжалуу, сапаттуу башкарууну түзүү мүмкүн эмес.

Заманбап кыргыз коомчулугу аягы көрүнбөгөн кайым айтышууларга, жердешчиликке, жаат-жаатка бөлүнүүчүлүккө ууланып турган маал. Муну көчмөндөр узак убакыт бою социалдык ажырым абалында болгону, ички коммуникациянын жоктугу менен түшүндүрсө болот. Тышкы обочолонуу жана тууганчылыкка негизделген ички өзүн өзү уюштуруучулук башка типтеги социалдык топтор менен продуктивдүү байланыш түзүүгө жол берген эмес. Көчмөндөр башка системалар менен өз аракеттеринде мунаса таба алган эмес, макулдаша албай келген, аларга мамлекеттин кызыкчылыгы өңдүү түшүнүктөр беймаалым болчу; адилеттүүлүккө жана социалдык гармонияга жетүү үчүн биригүү, ынтымак, максатка умтулуу жана саясий эрк керектигин дайыма эле баамдай алышкан эмес. Ал эми булар болбосо жаңы цивилизциялык типтеги коомду курууну элестетүү да кыйын.

Салттуу коомдун өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, мамлекет жана анын институттары коомду реформалоо боюнча милдеттемелерди жана жоопкерчиликти өзүнө алганы маанилүү. Эгерде зарыл болсо, элдин биримдигин жана мамлекеттин бүтүндүгүн сактап калуу максатында реформаны катаал формада жүргүзүү үчүн тайманбастык зарыл. Өз жарандарына татыктуу жашоого кепилдикти кийин эмес, азыр берүү; алардын коопсуздугун камсыздоо, коомдо, өзгөчө жаштар арасында рухий-адеп-ахлактык мамилелерди ар тараптан бекемдөө керек.

Мамлекеттик бийлик баарынын жана ар бир адамдын кызыкчылыгында өлкөнүн өнүгүүсүндөгү негизги багыттарды аныкташ керек. Бардык жарандардын уюму катары чыгып, коомдун бардык мүчөлөрүнүн атынан гана коомдун бардык мүчөлөрүнө тиешелүү болгон жана ар бири аткарууга милдеттүү чечимдерди кабыл алыш керек[1].

Рыноктун, рынок мамилелеринин цивилизациялуу иштеши, коомдун пауперизацияланышын болтурбоо максатында инновациялык ишмердүүлүктө мамлекеттин катышуусу зарыл жана маанилүү. Башка бир терс жагдайларда капитализм улутка каршы системага айланып кетиши ыктымал. Мына ушул көрүнүшкө Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин Франция, Италия, Жапония, Түштүк Корея өңдүү өлкөлөр жол берген эмес. Алар кабыл алган модернизациялоо боюнча мамлекеттик программа бул өлкөлөрдүн капиталисттик экономикасын кыйроо абалынан алып чыгып, атаандаштыкка жөндөмдүү кылууга жардам берген.

Бүгүнкү күндө эгемен Кыргызстанда инсандан жана башкаруучудан бөлүп каралган мамлекет түшүнүгү коомдо азырынча калыптана элек. Мамлекет жана мамлекеттүүлүк адамдардын аң-сезиминде орун ала элек. Мурдагы советтик-партиялык номенклатурада да, учурдагы аппараттык-чиновниктик бюрократияда да мамлекеттик аң-сезим, ой жүгүртүү калыптанган эмес. Аткаминерлерде башкаруучу үчүн эмес, мамлекеттин жана элдик өсүп-өнүгүүсү үчүн Мекенге кызмат өтөп, коргош керек деген түшүнүк жокко эсе.

Советтик типтеги жарым-жартылай ураган саясий жана административдик органдарга демократиялык принциптерди киргизүү аракетине карабастан кыргыздар баары бир мамлекеттик духту өздөштүрө алышкан жок. Мурдагы президенттер өз өлкөсүнө фазенда же байлык топтолгон жай, өз менчиги катары караган. Алар бөлүк-бөлүккө жеңил-желпи ажырата алышкан. Көчмөндөрдүн салтына ылайык, мурдагы президенттер «ээрде отуруп» деле өлкөнү башкарууну уланта беришкен.

Кыргызстанда башкаруучу кызмат орундарына аткаминерлерди иштин көзүн таба билген сапаттарына карап эмес, кимдир бирөөнүн колдоосуна, тааныш-билишчиликке, тууганчылык байланыштарына карап, жеке берилгендик принциби боюнча кадрларды тандап алуу жана кызматтарга орноштуруу ишке ашып келди. Трайбализмдин кыртышында протекционизм, уруучулдук, жердешчилик, карьеризм гүлдөп өсүп, маанилүү мамлекеттик деңгээлдеги көйгөйлөр тар үй-бүлөлүк-тууганчыл жана достордун чөйрөсүндө чечилип турган[2].

Эч ким өзүнүн кесипкөй эместиги, коррупция жана уурулук үчүн эч кандай жоопкерчилик албаган саясий система түптөлдү. Бүгүнкү күнгө чейин мамлекеттик башкарууда аткаминерлердин илээндилиги, демилге көтөрө албастыгы жана кесипкөй

[1] Ильин В.В. Политология. – М., 1999. 259-260-беттер.
[2] Жуманалиев Т. Трайбализм феномени же этникалык иденттүүлүк // Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын жарчысы. № 18. 2013. 58-бет.




эместиги көйгөйлүү маселе бойдон кала берүүдө. Мамлекеттик менчикти өзүнө менчиктеп алган мите курт аткаминерлердин классы пайда болду, жатып ичерлердин жоон тобу өсүп чыкты. Алар коомду ичинен бузуп, адамдарды өндүрүшкө эмес, бөтөндүн эмгегин системалуу түрдө өзүнө ыйгарып алууга багытташкан.

Мамлекеттик органдар өзүнүн башкаруучулук функцияларын жетиштүү деңгээлде жакшы аткара албайт, тигил же бул окуялар тууралуу жетиштүү маалыматка ээ эмес, ар бир мамлекеттик структуранын алдына так жана конкреттүү тапшырмалар жана милдеттер коюлбай келет. Башкаруу органдары адатта кырдаалды колго алалбай келишет, кырдаал башкача өңүттө өнүгүп кетсе, алар көзөмөлдү колдон чыгарып жиберишет. Мамлекеттик органдар өзүнүн иш-аракеттеринде көп учурда импровизацияны жетекчиликке алып, иш чачтан көп болуп калган режимде иштешет, жагдайдан көз каранды. Кээде маморгандар аларга өз кызыкчылыктарын таңуулаган, улуттук кызыкчылыктарга доо кетирүү менен мамлекеттик деңгээлде өз кызыкчылыктарын сүрөгөн топтордун жетелендисинде калууда. Өлкөдө өзүнүн ички көйгөйлөрүн өз алдынча чечүүгө жөндөмдүү, атаандаштыкка туруштук бере ала турган кубаттуу мамлекетти каалабаган күчтөр бар. Муну менен бирге мамлекеттүүлүктү күчтөндүрүүгө каршы жүйөлөр «демократияны күчтөндүрүү» жана «авторитаризм менен күрөш» өңдүү демогогиялык ураандарда катылып жатышы ыктымал. Мындай кызыкчылыктар тобунун иш-аракеттерине катаал түрдө бөгөт коюп, мамлекеттин ички иштерине кийлигишүүсүнө жол бербөө зарыл. Мамлекеттин чабалдыгы, аткаминерлердин коррупцияга аралашуусу, бийликтин институционалдык атрофиясы башаламандыкты жана анархияны жаратат, коомдо эртеңки күнгө болгон ишенимди жоготот жана мунун баары мамлекеттин эгемендигин каалабагандардын чырагына май тамызат.

Мамлекеттик институттар өзүнүн аткаминерлерине, мамлекеттик ишмерлерге, башкаруу органдарына, бийлик институттарына, алардын өзүнүн иш-милдеттерин, кызматтык ишин ж.б. аткаруусуна карата катаал талаптарды койбой келет. Мамлекеттик бийлик органдар өз милдеттерин жеткиликтүү деңгээлде, же ак ниет аткарбаган учурда мамлекеттик аткаминерлердин өзүм билемдиги жана ээнбаштыгы турган иш. Мамлекеттик мекемелердин жана жеке түзүмдөрдүн иши мамлекет тарабынан катуу жана эч мунасасыз көзөмөлдөнүүгө тийиш. Болбосо аткаминерлерден жана башкаруу органдарынан натыйжалуу жана жемиштүү ишти күтүүгө болбойт.

Акыркы он жылдыкта социалдык-саясий жана экономикалык система өзүнчө индивиддин да, жалпы мамлекеттин да жашап кетүү инстинктине негизделген. Иштеп кеткен саясатчылар республиканын өнүгүүсүнүн келечеги тууралуу өзгөчө деле кам көргөн жок. Көп муундар бою топтолуп келген материалдык баалуулуктар таланып-тонолуп, рухий-адеп-ахлактык баалуулуктар тебелендиде калды. Көпчүлүк мамлекеттик аткаминерлер моралдык жактан бузулуп, казынаны уурдоо, мамлекеттин мүлкүн тоноо жолуна түшүп калган. Бара-бара бул нормага айланды. Мамлекетте түзүлүп калган мындай башаламандык жана мыйзамсыздыктан улам алар сот адилеттигинен качып кутулуп, бул болсо мыйзамдуулуктун негиздерин тебелеп, укуктун үстөмдүүлүгүнө шек тийгизди.

Клândык жана уруучулдук анахронизмге айланып, жаңы типтеги мамлекетти түзүү жолунда бут тосууда. Эгерде коом жаңыланууга умтулса, анда ал ой-жүгүртүүсүн жана жүрүм-турумунун өзгөртүүгө тийиш. Бул өзгөрүүлөр жемиштүү жана натыйжалуу болуш үчүн саясий системанын тиби, коомду жана мамлекеттик башкаруу уюмдарынын мамилеси жана формасы да өзгөрүүгө тийиш. Бизде болсо тескерисинче болуп калды: сяасий системанын жана мамилелердин тиби прогресс жакка өзгөргөнсүдү. Бирок бул жерде саясий реформалар, жумшак айтканда, өтө деле ийгиликтүү болбогонун кыстара кетүү керек. Ал эми коом тескери багытта – эскичил ой жүгүртүү, кландык-уруучулдук аң-сезим, төмөнкү деңгээлдеги саясий маданият жана жоопкерчиликсиз мамиле тарапка багыт алды. Мындан бийлик башына кокустан келип калган, өздөрүнө окшош аткаминерлерди тандап алган ар кандай кара өзгөй саясатчылар колдонуп кетти.

Өлкөнү башкарууда өзүнө карата сынчыл баа

берүү болбой, көптөгөн бюрократтардын «мурду асманды карап», өздөрүн айыпсыз, алмаштырылгыс сезип алышты. Бүгүнкү мамлекеттик аткаминер дегенде коррупция, паракорчулук, маммүлктү тоноо ойго келет. Бийликке жана коомго коррупция, жакынына тартуу жана кландык-уруучулдук өзүмчүлдүк сиңип калган чакта жаңы типтеги мамлекетти куруу өтө оор...

Жарандардын жана коомдун жетилбегендиги саясий маданияттын жана саясий аң-сезимдин да жетиле албастыгын пайда кылат. Бул болсо өз кезегинде жаңы саясий системанын маңызын бузуп, саясий реформанын максатын бурмалайт.

Бийлик болсо ага өз керектөөлөрүн канааттандыруу ыкмасы катары мамиле жасагандарды гана бузат. Эгерде адам ага берилген бийликке милдет, жоопкерчилик катары мамиле жасаса, анда бийлик аны буза албайт, аны дайыма инсан, лидер жана башкаруучу катары жетилтип турат.

Мамлекеттик аткаминерлерди тарбиялоонун максаты биринчи кезекте өз эмгегине, коом алдындагы кызматтык милдетине жоопкерчиликтүү мамилени тарбиялоодо; коомду кайра түзүү зарылчылыгын, экономиканы реформалоо жана бүткүл саясий системаны кайра куруу зарылчылыгын баамдай алууда камтылган. Мындай тарбия болмоюнча реформалардын жана кайра түзүүлөрдүн натыйжалуулугу жана жемиштүүлүгү тууралуу сөз да болбойт. Ошону менен бирге мамлекеттик аткаминерди жана элди тарбиялоо же өзгөртүү бирдей ишке ашыш керек. Болбосо коомду жана мамлекеттик башкаруу институттарын реформалоодон майнап чыкпайт[1]. Элде жана аткаминерлерде алдыга коюлган максатка жетүү үчүн жамааттык эрк, чечкиндүүлүк керек, алар тандалып алынган өнүгүү жолу туура болгонун, бардык кыйынчылыктарга жана тоскоолдуктарга карабастан реформадан четтөө же баш тартуу мүмкүн эместигин баамдай алышы шарт.

Коомду жана мамлекетти кайра түзүү үчүн жаңы типтеги инсан керек. Ал практикалык ички туюму, жаратмандык инстинкти бар чыгармачыл адам болуп, өзүнө жоопкерчилик алууга даяр болуш керек. Бул адам салттуу институттарга жана социалдык жалган көз караштарга байланбашы шарт. Дал ушундай чыгармачыл адамдар, лидер-новаторлор коомдун табият берген дараметин натыйжалуу колдонуп, өндүрүштүк жаңы тармактарын, жаңы рыноктордун, инфраструктуранын жаңы системасын түзүп, жаңы технологияларды өздөштүрүп, аларды өндүрүштө жайылтат. Муну менен бирге алар өндүрүштөгү, соодадагы, финансыдагы чарбалык формаларды кайра түзүп, жалпы коомду түптамырынан жаңылашат.

Чыгармачыл адамдардын, новатор лидерлердин кайра түзүүчү ишмердиги эки жагымдуу шарт түзүлгөн учурда натыйжалуу жана жемиштүү боло алат: биринчиси – эгерде алардын иши тарыхый жагымдуу улуттук кыртышта ишке ашса; экинчиси – ал мамлекеттик колдоого таянса жана тынчтык маанайдагы чарбалык масштабга ээ болсо.

Рынок мамилелери калыптанган рынок жаратман-новатордун иши үчүн институционалдык өбөлгөлөр түзүлгөн, ишкерлердин дал ушул тиби басымдуулук кылган жерде гана нормалдуу иштеп кетет. Мындай адамдар жана шарттар болбосо, анда капитализм өзүн «стационардык айлануунун» алкагында гана камсыздай алат, ал эми прогресс болбойт[2].

Жеке бизнестин ишин коомчулуктун кызыкчылыгында конструктивдүү нукка багыттаган катаал институционалдык алкактар болбогон өлкөлөрдө мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү боюнча мыйзамсыз иштер менен алектенген, ийгиликтүү атаандаштарды жасалма түрдө банкротко учураткан, бюджеттик каражатка кол салып, адалдаштырган, кирешелүү тармактарды рейдерлик жол менен басып алган ж.б. ири бүлүндүргүч новаторлор пайда болушу мүмкүн. Кийин мындай новаторлор бийлик менен коюн-колтук алышып, ири «олигархтарга» айланат[3].

Глобалдык жана регионалдык кризис курчуп баратканы айкын болуп калды. Ал бардык чакан жана ири мамлекеттерге чакырк таштап, буга чейин жашап келген нормаларга жана эрежелерге шек келтирип, эски идеялар бул кризисти жеңүүгө жардам бере албайт. Баш багып калган кризис башка мүнөзгө ээ болот жана кесепеттери биз күткөндөн башкача болуп, стандарттык эмес чечимдер гана аны жеңүүдө жардамчы боло алат. Кризисти басып өтүүдө биздин мамлекеттин даярдык деңгээли төмөн. Себеби мамлекеттик аткаминерлердин, жогорку тепкичтеги жетекчилердин интеллектуалдык деңгээли да төмөн. Мындан улам алар масштабдуу түрдө ой жүгүртүүгө, түзүлгөн кырдаалга анализ жүргүзүүгө, адекваттуу чечиндүү чараларды көрүүгө, алдыга коюлган максатка жетүүдө жетиштүү саясий эрк көрсөтүүгө жөндөмсүз.

Азыркы система эскирип бүттү. Жаңылануу зарыл, болбосо биз обочодо калган мамлекетке айланабыз. **M**

[1] Редактордун субъективдүү пикири: автордун бул ою бир карагандан да терең жана өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Аны кыска үстүртөдөн жасалган байкоо менен салыштырса болот: Тажикстанда, бери дегенде Душанбеде аткаминерлер оптимисттик таасир калтырат – өз массасында алар билимдүү, маданияттуу, тарбиялуу келип, көп жылмайышат. Жарандардын басымдуу бөлүгүнүн маанайы чөгүп, кайгылуу, коркуп тургандай, ичтимтап келишет; натыйжада алардын дараметин баалоо оңойго турбайт, ал эми калктын басымдуу бөлүгү билимсиз жана жүрөгүнүн үшү алынгандай таасир калат (өлкө үчүн акыркы он жылдык кандай болгонун, куралдуу жаңжалдар орун алганын эске алсак, анда бул таң калычтуу деле эмес). Кыргызстанда болсо баары такыр башкача: эркин, билимдүү, өзүнө ишенген жарандардын жанында көлөкөдөй болуп капалуу жана үн катпас аткаминерлер ээрчип жүрөт. Бирок эки өлкө тең өнүгүүдөгү өзгөчө ийгиликтер менен мактана албайт (кошуна өлкөлөргө салыштырмалуу). Көпчүлүк көйгөйлөрдүн пайда болуу себеби бийлик менен элдин маданият деңгээлиндеги айырмачылыкта болуп жүрбөсүн?

[2] Йозеф Шумпетер. Экономикалык өнүгүүнүн теориясы. // Дүйнөлүк экономикалык ой. Т. IV. Глобалдык трансформациялардын кылымы. – М., 2004. 34-35-б., 56-б.

[3] Йозеф Шумпетер. Капитализм, социализм жана демократия. // Дүйнөлүк экономикалык ой. Т. IV. Глобалдык трансформациялардын кылымы. – М., 2004. 60-62-б.

# Мыйзамдардагы жаңылыктар

**Бектурган ОРОЗБАЕВ** тарабынан даярдалды

## Мыйзамсыз менчиктештирилген муниципалдык объекттерди кайтаруу үчүн эскирүү мөөнөтү жөнүндө

2015-жылдын 30-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ «Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган. Кабыл алынган Мыйзам КР Граждандык кодексинин 221-беренесине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет. Ага ылайык, максатына ылайык эмес колдонулган мыйзамсыз менчиктештирилген мамлекеттик жана муниципалдык объекттерди кайтаруу тууралуу талаптарга доонун эскиришинин мөөнөтүн колдонуу жокко чыгарылды. Кабыл алынган Мыйзамдын долбоорун КР Өкмөтү демилгелеп, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд иштеп чыккан.

КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд негиздеме катында Кыргызстанда менчиктештирүүнүн баштапкы максаты жарандардын менчик укугун ишке ашыруусуна шарт түзүү болгонун, башынан эле менчиктештирүүнү Кыргызстан экономикасынын рынок багытында өнүгүп келаткан структуралык кайра куруунун негизги аспабынын бирине айландыруу милдети турганын белгилейт.Анткен менен 1990-жылдардын башынан тарта мамлекеттик мекемелерди, анын ичинде мамлекеттик мектепке чейинки билим берүү уюмдарын (мындан ары – МББ – бала бакчалар) мыйзамсыз менчиктештирген учурлар кездеше баштаган. Тилекке каршы ал мекемелер максатына ылайык колдонулбай жатат. Ошону менен бирге КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун маалыматына ылайык, ушул тапта Кыргыз Республикасында 1527 МББ бар. Алардын ичинен 291 – мамлекеттик, 943 – муниципалдык, 293 – юридикалык жана жеке жактардын менчиги. Булардын ичинен 1391 МББ иштейт: 877 максатына ылайык, анын ичинде 120 – мамлекеттик, 177 – муниципалдык, 217 - жеке. Негиздеме катта прокуратура органдары МББга карата доо арыздын мөөнөтү эскиргенине байланыштуу сот процессинде утулуп жатканы белгиленет. Буга Октябрь райондук прокуратурасынын Мэрияга, Мамкаттоого жана Бишкек Башкы архитектурага карата доо арызы боюнча соттук процессти мисал катары келтирсе болот. Бул доо арыз «Аль-Манар» ЖЧКнын объектисине («Ихлас» турак жай комплекси) тиешелүү. Ал Бишкек шаарындагы 8-кичи райондогу сүрүлгөн бала бакчанын имаратынын ордунда көп кабаттуу турак жайдын курулушун бүтүргөн. Буга байланыштуу кабыл алынган Мыйзамда менчиктештирилген БММны мамлекеттик жана муниципалдык менчикке кайтаруу тууралуу талаптарга доонун эскириш мөөнөтүн колдонууну чыгарып салуу каралган. Бул Мыйзамды кабыл алуу менен белгилүү бир жагдайларда доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткен, менчиктештирилген БММны талашуу тууралуу иштерге кайтып келүүгө жол ачылат.

## Сугат айдоо жерлерин энергетикалык объекттердин курулушу үчүн которууга (трансформациялоого) киргизилген мораторийди жокко чыгаруу тууралуу

2015-жылдын 30-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ «Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Бул Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдые 30-июнунда кабыл алган.

Кабыл алган Мыйзамдын долбоорун КР Жогорку Кеңешинин депутаттары К. МУРЗАБЕКОВ, Д. ЖУМАБЕКОВ, Б. ШАРШЕЕВ жана Ж. САМАТОВ демилгелеп чыккан.

Мыйзам мамлекеттик жана коомдук муктаждыктарды камсыздоо максатында иштелип чыккан. КР Жер кодексинин 1-беренесине ылайык, мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар – улуттук коопсуздукту, айлана чөйрөнү жана тарыхый-маданий мурас объекттерин коргоону камсыз кылууга, социалдык, өндүрүштүк, транспорттук, энергетикалык тейлөө объекттерин жайгаштырууга жана тейлөөгө инженердик жана архитектуралык-курулуш документтерине, пайдалуу кендерди иштетүүгө, Кыргыз

Республикасынын эл аралык келишимдерин жүзөгө ашырууга байланыштуу муктаждыктар.

Кабыл алынган Мыйзам «Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесине толуктоо киргизет. Ага ылайык, чакан электроэнергетикалык өндүрүштүк кубаттуулуктарды, 110 кВ. дан 500 кВ. га чейинки жогорку чыңалуудагы электр чубалгыларын, 110 кВ. дан 500 кВ.га чейинки көмөк чордондорду, газ түтүктөрүн жана алардын курулмаларын куруу үчүн сугат айдоо жерлерин которууга (трансформациялоого) мораторий жайылбайт.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камсыздандыруу төгүмдөрү, айыптык санкциялар жана туумдар боюнча карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ 2015-жылдын 7-августунда «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камсыздандыруу төгүмдөрү, айыптык санкциялар жана туумдар боюнча карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдын 30-июнунда кабыл алган. Кабыл алынган мыйзамдын демилгечилери – КР Жогорку Кеңешинин депутаттары К. ДЫЙКАНБАЕВ, З. ЖООШБЕКОВ, А. СУЛТАНОВ, Н. МУРАШЕВ жана М. БАКИРОВ. Мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык-экономикалык абалын жакшыртууга, турукташтырууга жана колдоого, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын өнүктүрүүгө багытталган.

Ушул тапта ЖӨБ органдарынын Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунан ижарага берилген жерлер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды төлөөсүнө байланыштуу кырдаал калк менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы ишеним деңгээлине терс таасирин тийгизип жатат. Кыргыз Республикасында мамлекеттик камсыздандыруу системасынын аткаруучу органы катары КР Социалдык фонду айыл өкмөтүнөн карыздарды өндүрүп алуу, анын ичинде сот органдары аркылуу өндүрүп алуу боюнча мыйзамдуу чараларды көрүп келет. Сот аткаруучулары ЖӨБ органдарынын эсебин жана мүлкүн арестке коюуда. Бул болсо алардын ишинин токтоп калуусуна алып келип, калктын жүйөлүү наараазылыгын пайда кылууда.

Экинчи жагынан жарандардын – Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунан жерлерди ижарага алуучулардын пенсия курагы келгенде мамлекеттен кепилденген пенсия алууга байланышкан конституциялык укуктары да бузулууда. Эгерде көпчүлүк ЖӨБ органдары дотациялык абалда турганын жана республикалык бюджеттен колдоого муктаж болгонун эске алсак, алардын КР Социалдык фондуна болгон карызы жакынкы убакытта тындырылбай турганы анык. Мындай кырдаал республикада Пенсиялык системаны өркүндөтүү концепциясын алга жылдырууда ЖӨБ органдарынын да, КР Социалдык фондунун да ишине бут тосуп келатат. 2015-жылдын 1-январына карата Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунан ЖӨБ органдарына ижарага берилген жерлер үчүн карыз 74,0 млн. сомду түзөт. Анын ичинде: негизги карыз 63,1 млн. сом жана финансылык санкциялар 10,9 млн. сом. Эң негизгиси мындай төлөөчүлөрдүн карызы туруктуу өсүп жатат. Карыздарды сот тартибинде өндүрүп алуу мүмкүн эмес. Себеби карызкордун турган жерин аныктоо, укук улантуучунун болуп-болбогону жана ага тиешелүү эсепте, салымдарда же банкта, баша насыя уюмдарында турган акча каражаттары, башка баалуулуктары тууралуу маалымат алууга мүмкүн эмес. Ошондой эле мүлкүн өндүрүп алуу предметине айландыруу үчүн карызкордун мүлкү жок жана сот аткаруучулары анын мүлкүн алып коюу боюнча кабыл алган дээрлик бардык уруксат берилген чаралар майнапсыз болуп калды.

Буга байланыштуу Жогорку Кеңештин депутаттары бул маселени чечүү максатында «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камсыздандыруу төгүмдөрү, айыптык санкциялары жана туумдар боюнча карызын эсептен чыгаруу жөнүндө» атайын КР Мыйзамын иштеп чыгышты. Бул мыйзам төлөөчүлөрдүн финансы-экономикалык абалын колдоого жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын өнүктүрүүгө багытталган.

## ЖӨБ органдарынын салыктык укук бузуулар үчүн административдик айып салуу укугу жөнүндө

2015-жылдын 30-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ «Кыргыз Республикасынын айырм мыйзамдык актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдын 30-июнунда кабыл алган. Кабыл алынган Мыйзам Кыргыз Республикасынын Салык

кодексине жана Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик тууралуу кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет. Салык кодексинин 52-1-беренесинин 3-бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, ЖӨБ органдары аларга тиешелүү мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген учурда төм. укуктуу:

салык контролун ишке ашырууда салык төлөөчүдөн Салык кодексинин XIII жана XIV бөлүмдөрүндө, ошондой эле 53 жана 54-главаларында каралган салыктарды төлөө боюнча документтерди көрсөтүүнү талап кылууга;

Кыргыз Республикасынын алыскы жана жетүүгө татаал, банк мекемелери болбогон калктуу конуштарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте салык төлөөчүлөрдөн салык төлөөнүн эсебинен нак акча каражаттарын кабыл алууга. Ошондой эле мыйзам долбоору менен Салык кодексинин 52-1-беренеси 5-бөлүк менен толукталды. Анда аларга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбаганы же тийиштүү деңгээлде аткарбаганы үчүн ЖӨБ органдарынын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралган.

Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик тууралуу кодексине киргизилип жаткан толуктоолор жана өзгөртүүлөр ЖӨБ органдарына административдик комиссиялар аркылуу (Мамлекеттик салык кызматынын катышуусуз) салыктык контролдун жыйынтыгы боюнча айрым бир салыктык укук бузуулар үчүн административдик айыптарды салуу укугун берет. Бул укук жалпысынан ЖӨБ органдарынын өз алдынчалуулук жана жопокерчилик деңгээлин жогорулатып, салыктык тартипти арттырууга жана бюджетке кирешени толуктоого көмөктөшөт. Өз кезегинде ЖӨБ органдарынын жергиликтүү салыктар жана патенттин негизинде салыктар боюнча акча каражаттарын чогултууну түздөн-түз жүзөгө ашыруусу төм. көмөктөшөт: салык төлөө боюнча салык төлөөчүлөр үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө; банк мекемелери болбогон, алыскы жана жетүүгө оор калктуу конуштарда салыктын айрым түрлөрүн нак акча каражаттары менен чогултуу боюнча ченемдик жактан бекитүүгө; салыкты башкарууну жакшыртууга жана жергиликтүү бюджетке каражаттын түшүүсүн арттырууга.

Ошентип, жогоруда аталган кодекстерге түзөтүүлөрдү киргизүү менен ЖӨБ органдарынын салыкты башкаруусу үчүн толук цикл түзүлмөкчү.

## Административдик иштин негиздери жана администравдик жол-жоболор жөнүндө

2015-жылдын 31-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Аталган Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган. Мыйзамдын демилгечилери – КР Жогорку Кеңешинин депутаттары Г. СКРИПКИНА, Д. ТЕРБИШАЛИЕВ, Э. АЛЫМБЕКОВ, Ө. ТЕКЕБАЕВ, М. АБДЫЛДАЕВ жана Б. СУЛЕЙМАНОВ.

Кабыл алынган Мыйзам КР Конституциясынын 3 жана 5-беренелеринин талаптарын ишке ашырууга багытталган. Анда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдында ачыктыгы жана жоопкерчилиги, өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусу каралган.

Мыйзам мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын башкаруучу жана административдик ишин оптималдаштыруу максатын көздөйт.

Мыйзам административдик жол-жоболорду жүзөгө ашыруу тартибин деталдаштырат. Анын ичинде: төмөнкү укуктук жаңылыктарды жана принциптерди киргизет: укуктуу колдонуунун теңдеш өлчөмүн, административдик органдын күнөө таанымын, арзыбас талаптар менен создуктурууга тыюу салууну жана башкаларды; жогору турган административдик органдар менен алардын аймактык, түзүмдүк бөлүкчөлөрүнүн ортосунда өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатат, ошондой эле административдик жол-жоболорду тиешелүү жүзөгө ашырууга ички ведомстволук контролду оптималдаштырат; жаңы административдик-укуктук маданиятты жайылтуу үчүн шарт түзөт; бийликтин аткаруу бутагынын органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу – тескөөчү органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын жеке жана юридикалык жактарынын алдындагы ролу менен жоопкерчилигин жогорулатууга көмөктөшөт; бийликтин аткаруучу бутагынын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу – тескөөчү органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан жүзөгө ашырылуучу административдик жол-жоболордун бүдөмүксүздүгүн, жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатат; административдик талаштарды сотко чейин кароону регламенттөө, ошондой эле көрсөтүлгөн талаштарды кароо боюнча сот органдарынын жүгүн азайтуу жолу менен сот адилеттигин жүргүзүүнүн сапатын жакшыртат.

Азыркы убакка чейин бул чөйрө «Административдик жол-жоболор жөнүндө» КР Мыйзамы менен жөнгө салынып келет. Бирок көрсөтүлгөн Мыйзамды колдонуунун практикасын талдоо күнүмдүк иште анын ченемдери мамлекеттик жана муници-

палдык органдар тарабынан колдонулбай жаткандыгын көрсөттү. Бул эски мыйзам Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана укук колдонуу практикасына толук мерчемде ылайык келтирилбегендиги менен байланышкан. Административдик жол-жоболорду чечүүнүн милдеттүү сотко чейинки тартибинин жоктугу колдонуудагы Мыйзамдын натыйжалуу эместигинин дагы бир негизги себеби болуп саналат.

Административдик актыларга, административдик органдар тарабынан милдеттердин жана ыйгарым укуктардын тиешелүү түрдө аткарылбагандыгы менен байланышкан администраттык органдардын аракеттерине (аракетсиздиктерине) даттануунун милдеттүү сотко чейинки тартибин киргизүү киргизилип жаткан конституциялык Мыйзамдын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Бул тартип КР Конституциясынын 40-беренеси менен каралган, ага ылайык мамлекет инсандын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун сотко чейинки усулдарын, формаларын жана ыкмаларын өнүктүрүүнү камсыз кылат.

Жаңы Мыйзам социалдык-экономикалык, укуктук жана укук коргоо чөйрөсүнө оң таасирин тийгизет. Анткени жарандардын мамлекет менен өз ара мамилелеринин принциптерин административдик органдардын ишинин даана, жөнөкөй жана ачык жолжоболорун жүзөгө ашыруу жолу менен инсандын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун пайдасына күчөтмөкчү. Ошондой эле бул Мыйзам өлкөдөгү бизнес – чөйрөнү, инвестициялык климатты жакшыртууга, коррупцияга каршы аракеттенүүгө көмөктөшөт, анткени чиновниктердин аракеттери так регламенттелет жана алдын ала белгилүү болуп калат.

Мыйзам долбоору эки коомдук талкуулоонун (тегерек столдордун) жол-жобосунан өтүп, натыйжада мыйзам долбооруна бир катар олуттуу түзөтүлөр, атап айтканда жөнгө салуунун предметин жана субъекттерин, административдик иштин принциптерин, административдик актыларга даттануунун мөөнөттөрүн, административдик органдардын жоопкерчилигин тактоо боюнча түзөтүүлөр, ошондой эле редакциялык мүнөздөгү өзгөртүүлөр киргизилген. Мыйзам долбооруу эл аралык эксперттердин оң баасын алган. Долбоорду иштеп чыгууда чет өлкөлөрдүн (ГФР, Швейцария, Армения, Грузия, Азербайжан ж.б.) тажрыйбасы эске алынган. Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тарта тогуз айлык мөөнөт аяктагандан кийин күчүнө киререрин кошумчалай кетүү керек.

## Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө

2015-жылдын 4-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ «Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдын 21-майында кабыл алган. Мыйзамдын жаңы редакциясынын демилгечилери болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Д. НИЯЗАЛИЕВА, Т. ЛЕВИНА, Ы. КАДЫРАЛИЕВА, А. КУТУШЕВ, М. МАДЕМИНОВ, Н. НАРМАТОВА эсептелет.

«Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамы жарандардын репродуктивдик укуктары жаатындагы коомдук мамилелерин жөнгө салуу максатында иштелип чыккан, аларды ишке ашыруу боюнча мамлекеттин кепилдиктерин аныктайт жана репродуктивдик ден соолугун коргоого жарандардын, мамлекеттин, уюмдардын таламдаш жана жоопкерчиликтүү мамилесин күчөтүүгө багытталат.

Мыйзам жарандардын сексуалдык жана репродуктивдик укуктарын адам укуктарынын жалгама бөлүгү катары тааныйт, алардын мазмунун ачыктайт жана аларды жүзөгө ашыруу кепилдиктерин бекемдейт. Ошондой эле Мыйзам мамлекеттин кепилдиктерин белгилейт жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын сексуалдык жана репродуктивдик ден соолугун коргоо жаатында кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн укуктук негизди түзөт.

Жарандардын сексуалдык жана репродуктивдик укуктары жаатындагы коомдук мамилелерди жөнгө салуу боюнча толуктоолорду, калктын сексуалдык жана репродуктивдик ден соолугун сактоого жана жакшыртууга багытталган медициналык-социалдык жардамды уюштуруу жана көрсөтүү системаларынын жалпы принциптери боюнча толуктоолорду киргизүү долбоорду иштеп чыгууда негизги максат болду.

Мыйзамдын жаңы редакциясында 8-беренеде жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандардын репродуктивдик укуктары жаатында төмөнкүдөй ыйгарым укуктарга ээ болду: 1) жарандардын репродуктивдик укуктарын коргоо жаатындагы аймактык программаларды иштеп чыгууга катышат; 2) мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү, саламаттыкты сактоо уюмдары, жарандардын сексуалдык жана репродуктивдик ден соолугун чыңдоо жаатындагы бейөкмөт уюмдар менен биргеликте жарандардын сексуалдык жана репродуктивдик укугун коргоо жаатындагы мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууга катышат; 3) мамлекеттик муниципалдык саламаттыкты сактоо уюмдарына, ошондой эле жеке менчикке жана менчиктин аралаш түрүнө негизделген саламаттыкты сактоо уюмдарына материалдык-техникалык жардам көрсөтүү жолу менен жарандардын өздөрүнүн сексуалдык жана репродуктивдик укуктарын жүзөгө ашыруусу үчүн шарттарды камсыз кылат. М

**«Муниципалитет» журналы жана Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагындагы ондогон муниципалитеттер жана анын жүздөгөн жашоочулары менен иш алып барат. Кыргыз Республикасындагы элеттик аймактар – бул өзүнүн адеп-ахлактуулугун сактаган, патриотизмге жана гумандуулукка тарбиялаган Кыргызстан элинин жаны болгонуна ишенебиз. Биз таанышкан адамдардын арасында эч көбүртпөстөн эле өз элинин, өз жамаатынын, жалпысынан өлкөнүн баатыры деп айтууга татыктуу адамдар аз болгон жок. Анткен менен көп учурда мындай адамдар жупуну келип, жасаган ишине жана өтөгөн кызматына мактана беришпейт. Ар бир жамаатта же айылда жердештери сыйлаган ушундай жарандар бар болгонуна көзүбүз жетет. Аларды байлыгы же аткаминерлер менен тууган болгону үчүн эмес, жардамга умтулууга, өз жамаатындагы жашоо шартты жакшыртууга түрткөн турмуштук позициясы үчүн урматташат.**

**Жакында эле Кыргызстанда коомдук сектордун бир катар активисттери уюштурган «Мен – өз өлкөмдүн жаранымын» аттуу сынак өттү. ӨСИ өз талапкерлерин – Кыргызстандын элет тургундарын сунуштады. Алар жеңүүчү аталбаса да мындай адамдарды жалпы журт билүүгө тийиш деп эсептейбиз. Ошондуктан биз «өлкө» деген сөздү алып таштап, «Мен – жаранмын» аттуу түрмөктү баштоону чечтик. Себеби биздин каармандар биринчи кезекте – өз жамаатынын жарандары. Жыл соңунда биз жеңүүчүнү тандап алабыз. Ага «Муниципалитет» журналынын редакциясынан белек тапшырылат.**

# Курманбек АХМЕДОВ: өзүмчүлдүк адамды артка тартат




Биз бүгүн кеп кыла турган адам сыртынан караганда карапайым, элеттин жөнөкөй тургуну. Таанышып алыңыздар – Курманбек Раманкулович Ахмедов, 1959-жылы туулган, муниципалдык кызматтын 1-класстагы кеңешчиси, муниципалдык кызматтын отличниги, Ала-Бука айылынын ардактуу жараны (№8), адистиги боюнча агроном-технолог жана бухгалтер-аудитор; ээлеген кызматы боюнча Ала-Бука айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары; даанышман жана балдары сыйлаган ата жана чоң ата; эл урматтаган коомдук ишмер, көп нерсеге кызыккан жана чарчабаган демилгечи, медиатор, акылдуу, терең ой жүгүрткөн жана уникалдуу Адам. Ал жаш курагына карабастан дайыма билимин өркүндөтүүнүн жана өзүн инсандык жактан өнүктүрүүнүн үстүнөн тынбай иштеп келатат – 52 жашында бухучет, анализ жана аудит адистиги боюнча жогорку билим тууралуу диплом алган (2011-ж.).

Эмгекчилдигинен жана аракетчилдигинен улам Курманбек АХМЕДОВ Ала-Бука айылдык кеңешинин кассиринен жана аскер-эсепке алуу столунун инспекторунан тарта айыл өкмөт башчысынын орун басары, «Ала-Бука ынтымагы» коомдук бирикмесинин төрагасына чейинки эмгек жолун басып өттү. Ал 26 жашында 118 кишиден турган топтун бригадири болуп, тамекинин түшүмүн 21 центнерден 26 центнерге чейин көтөрүп, муну менен планды 130% аткара алганын жергиликтүүлөр ушул күнгө чейин унутушпайт.

Курманбек АХМЕДОВдун аракети жана демилгеси менен аймактын өнүгүүсү үчүн бир топ гранттык жана инвестициялык каражаттар тартылган. Муниципалитеттин бардык жашоочулары ушул күнгө чейин ошолордун үзүрүн көрүүдө.

2005-жылы АРИС менен кызматташтыктын алкагында 20 баладан турган 1 топко эсептелген бала

бакчада 140 балага эсептелген 4 жаңы топту түзүп, оюн аянтчасын жана бастырманы куруп, республикалык бюджеттен бөлүнгөн категориалдык гранттын эсебинен кошумча 21 жумушчу орунду түзүп, муну менен жаңы штаттык бирдиктерди киргизе алган. Ал эми бул болсо элет жергеси үчүн өтө маанилүү.

2006-жылы курулушуна бир нече миллион сом сарпталган элеттик мектеп авариялык абалда калган. АХМЕДОВ министрликтердин жана ведомстволордун эшигин каккылап, Бишкекте эки ай бою тааныштардын үйлөрүндө жашап отуруп, Жогорку Кеңештин депутаты А.ТУРСУНБАЕВ менен жолугуша алды. Депутаттын көмөгү менен КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинен 600 миң сомго курулуш материалдары бөлүнүп, демөөрчүлөрдүн 48 миң сом өлчөмүндөгү каражатына жерине жеткирилген. Анын аракети менен курулушчулардын ишине Финансы министрлигинен кошумча 300 миң сом бөлүнгөн. Биздин өлкөдөгү бюрократияны эске алганда, мындай жыйынтыкка жетүү үчүн кандай көлөмдөгү аракет жана чыдамкайлык керектигин элестетүү кыйын эмес.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө 38 жыл бою иштеп, 2014-жылы Курманбек АХМЕДОВ башка беш талапкер менен катар айыл өкмөт башчынын орун басары кызматына тест тапшырган. Анын жыйынтыгында ушул кызматка дайындалган.

Курманбек Ахмедов өз ишин коомдук иш менен да айкалыштырганга үлгүрөт: 19 жашында жаштардын ичинен элеттик кеңештин депутаты болгон; 26 жашында 4 бөлүмдүн профсоюз комитетинин төрагасы болуп эмгектенген; 2006-жылдан 2014-жылга чейин Суу пайдалануучулар ассоциациясынын ишин аркалаган. Бул мезгил аралыгында айылга 850 миң сомго инвестицияны, ички каналдардын капиталдык жана калыбына келтирүү иштерин жүргүзүүгө АБРден 5,5 млн. сом өлчөмүндө гранттык каражат тартып келген. 2010-жылдан бери «Ала-Бука ынтымагы» коомдук бирикмесинин төрагасы, ал эми 2011-жылдан бери Чүй, Ош жана Жалал-Абад облустарынын аймагында этностор аралык мамилелерди жакшыртуу максатында түзүлгөн «Ынтымактын жарчылары» тобунун жетекчиси болуп иштеп келатат. Ахмедов жарандардын укуктарын коргоо жана алардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча тартип коргоо органдары менен кызматташтыкты да улантууда.

Үч тилде эркин сүйлөгөн жана медиаторлук көндүмдөргө ээ болгон Курманбек АХМЕДОВ 2010-жылы райондун аймагында кан төгүүгө жана мародерлукка жол берген эмес. Ошол күндөрү ал өзбек жана кыргыз улутундагы адамдардын ортосунда арачы болуп, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен биргелешип түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, мүчөлөрү улутуна карабастан тынчтык жана ынтымак үчүн жан үрөгөн патриоттор тобун жетектеген. Дал ошол 2010-жылдын 7-июнунда курамына 22 айылдан 165 делегат кирген «Ала-Бука ынтымагы» коомдук бирикмеси түптөлгөн. Ал ошондой эле 25 тонна азык-түлүктү чогултууну жана үч жүк ташуучу унаа менен Ала-Букадан Ош шаарына жеткирүү ишин уюштурган. Ал эми кайтып келатканда «Санпа» заводунун жанында аткылоого туш болгон 750дөн ашык студентти ала келген.

2011-жылы «Ала-Бука ынтымагы» коомдук бирикмесинин көмөгү жана БУУ КЖКБнын колдоосу менен этностор аралык мамилелерди бекемдөө боюнча майрамдык иш-чараны өткөрүүгө 280 миң сом тартылган. Ушул эле жылдары ЕККУнун жана БУУ КЖКБнын колдоосу алдында Н.ОРОЗАЛИЕВ атындагы орто мектеп үчүн 720 миң сом өлчөмүндө спорттук жабдуулар жана шаймандар сатып алынып, мектептин аймагы тосмолонгон; райондогу жети орто мектеп үчүн спорттук шаймандарды сатып алууга 650 миң сом өлчөмүндө жардам алынган.

Гранттык каражаттарды анын түздөн түз катышуусу жана туура башкаруусу алдында колдонуу менен жемиштерди кургаткан цех, жыгачты иштеткен цех ачылып, ФАП курулган жана АРИСти ишке ашыруунун алкагында элеттик мектепке жабдуу сатып алынган. Анын жеке демилгеси жана аракети менен айылда коомдук ишмер Султан ИБРАИМОВго эстелик тургузулган. Ал эми ИБРАИМОВдун ыраазы болгон балдары элеттик ФАПка 116 миң сомдук медициналык жабдууларды сатып беришкен; ҮДТ үчүн тез жардам унаасын КР ММКФ сатып берген жана кошумча 1 штатык бирдик түзүлгөн.

2008-2011-ж.ж. гранттык каражаттарды алуу максатында түрдүү сынактарга катышуу менен ал жолдун 1200 метрине асфальт төшөөгө жана 9 көчө үчүн 94 миң сомго майда таш алып келүүгө жетише алган.

2012-жылдан бери Өнүктүрүү саясат институтунун долбоорлору менен тыгыз кызматташып келатат жана жергиликтүү консультант болуп эсептелет. Анын алкагында бир нече жолу өзүн жакшы жагынан гана көрсөтө алган. Ал ошондой эле долбоорлорду иштеп чыгуудан тарта, медиаторлук жана жаңжалдарды жөнгө салууга чейинки түрдүү багыттарда сертификатка ээ тренер да болуп келет. Ошондой эле Курманбек АХМЕДОВ калк алдында ачык-айкындуулук жана отчеттуулук механизмдерин киргизүү үчүн аткаруучу органдардын иши тууралуу маалыматты элет тургундарына жеткирүү максатында айыл өкмөтүнүн маалыматтык бюллетенин чыгаруу демилгесин көтөргөн.

Элге жасаган иши үчүн Курманбек АХМЕДОВ бир нече жолу айыл өкмөттүн, райондун, облустун (2007, 2009, 2011), КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттиктин (2007), Жалал-Абад Ички иштер башкармалыгынын (2013 жана 2015) Ардак грамоталары менен сыйланган. Ошондой эле КР Президентинин колунан саат да алган (2015).

Даярдаган **Нургүл ЖАМАНКУЛОВА**,
ӨСИнин коомчулук менен байланыш боюнча адиси

# Анаркуль МАШАЕВА: балдардан жана жамааттагы тынчтыктан артык эч нерсе жок



Анаркүл МАШАЕВА – коомдук ишмер, жергиликтүү кеңештин депутаты, «ынтымак жарчысы», чоң эне, атүгүл чоң-чоң эне жана жөн гана аял. Көптөгөн долбоорлордун демилгечиси болгон Анаркуль МАШАЕВА Жалал-Абад облусунун Сузак районунда төрөлгөн, үч баланын энеси, 11 небереси жана 1 чөбөрөсү бар. Ал өз өмүрүн балдарга арнаган: физика жана математика мугалиминин диплому колуна тийер замат 1968-жылы кичи Мекенине кайтып келип, окутуучулук эмгек жолуна кадам шилтеген. 13 жыл бою ошол эле А.С.Макаренко атындагы орто мектептин директору болуп иштеген.

Анын күчтүү духу, өзүнө болгон ишеними жана тырышчаактыгы 1998-жылы «Аймира» коомдук фондун түзүү менен коомдук ишти баштоого алып келген. Анын демилгеси менен 2010-жылы жаңжалдашкан тараптарга медиация аркылуу жардам көрсөтүү үчүн ЕККУнун колдоосу менен «Ынтымак жарчылары» түйүнү түзүлгөн. Ошол эле жылдары Аялдардын улуттук ансамбли түзүлгөн. Ансамбль салттуу билимдерди жана маданиятты сактап калуу жана жайылтуу үчүн гана эмес, ошону менен бирге жаңы дем берип, жаңы кызыкчылыктарга ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн  пенсия курагындагы жергиликтүү аялдардын башын бириктире алган.

Ардактуу жаш курагына келип калганына карабастан Анаркуль МАШАЕВА энергиясы, жашоону жакшы жакка өзгөртүү каалоосу жана жасаган ишинин жыйынтыктары менен таң калтырып келет. Ал мугалимдик ишин коомдук активдүүлүк менен айкалыштырып, элеттик жашоочуларды, жетим балдарды жана аз камсыздалган, начар үй-бүлөдө өскөн балдарды социалдык жактан коргоого чоң салым кошту. Жергиликтүү кеңештин депутаты болуп, жергиликтүү мүнөздөгү курч маселелерди көтөрүп чыгып, алардын аткарылышына жетише алды. Мисалы, айылдын жолдор, ичүүчү жана сугат менен камсыздоо өңдүү коммуналдык жана социалдык инфраструктурасын калыбына келтирүү жана алардын иштешин камсыздоо ж.б. «Аймира» фондун түзүү балдардын жана аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн көйгөйүн чечүүдө, аларга жардам көрсөтүүдө, айылдын инфраструктурасын өнүктүрүү маселелерин чечүүдө курал болуп калды.

Өмүрүн балдарга жана мектепке арнап, элеттик мектептердин бардык көйгөйлөрүн жана кыйынчылыктарын билип, МАШАЕВА жергиликтүү мектептердин жана башка мамлекеттик билим берүү жана балдар мекемелеринин натыйжалуу иштешин уюштурууга да салым кошту.

Анаркүл МАШАЕВА тажрыйбалуу тренер катары 120дан ашык тренинг жана семинарларды өткөрдү. Бирок өзү да жаңы билим алуудан жана социалдык өнүгүү, жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу, команда түзүү, жаңжалдарды башкаруу, аялдардын коомдук иште ролун өнүктүрүү жана алдыга түртүү, аялдар лидерлигин жана гендердик теңдикти өнүктүрүү жаатында көндүмдөрүн жакшыртуудан чарчабай келет.

Анаркуль МАШАЕВА өз айылынын жашоосуна жигердүү катышып, калк менен тыгыз иштешип, алардын бардык көйгөйлөрүн билет, коомдук угууларда жердештеринин кызыкчылыктарын коргоп, жергиликтүү бийлик, тартип коргоо органдары, мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү кеңештин депутаттары, ошондой эле башка бейөкмөт уюмдар (ЦПГО, АБАТ, «Адилеттик»), эл аралык уюмдар менен тыгыз кызматташып келатат.

МАШАЕВАнын медиаторлук жаатындагы чоң тажрыйбасын да белгилей кетүү зарыл. 2010-жылдан кийин этностор аралык жаңжалдын табиятын жана аларды чечүү жолдорун изилдөөгө өзгөчө көңүл бурула баштады. «Ынтымак жарчылары» түйүнү бул жылдары түрдүү деңгээлдердеги социалдык чөйрөлөрдө медиациянын жардамы менен жаңжалдарды чечүүгө жең түрө кириште. Аталган долбоордун алкагында Жалал-Абад облусунун 6 районунда жана 4 шаарында командалар түзүлдү. Командаларга окуу курсунан өткөн үчтөн тренер тандалып алынды. Алар окуудан кийин билгенүйрөнгөнүн команданын калган мүчөлөрүнө өткөрүп беришти. Бүгүнкү күндө ынтымак жарчыларынын катарында жаштардын, аялдардын, тартип коргоо органдарынын, түрдүү диндердин, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрүн жана жергиликтүү калк арасында аброю бийик карапайым адамдарды кошкондо 200дөн ашык киши бар.



Даярдаган **Мээрим СЕЙТОВА,**
ӨСИнин коомчулук менен
байланыш боюнча адиси



# Роза ТОКТОБАЕВА: айылда мен үчүн жат көйгөй жок




Роза ТОКТОБАЕВА Ысык-Көл облусунун Пржевальск шаарында (азыркы Каракол) төрөлгөн. Өнүктүрүү долбоорлорунун демилгечиси ТОКТОБАЕВА 4 баланын энеси, 11 небереси, 2 чөбөрөсү бар. Орус тили жана адабияты боюнча мугалим катары болгон билимин жаштарды тарбиялоого жумшады. Ал 10 жыл Ысык-Көл райкомунун партиясында эсепке алуу секторунда эмгектенди. Советтер Союзу кулагандан кийин бир да мүнөт алакан жайып отурган жок. Кыргызстан үчүн оор маалда адамдарга жардам берүү менен алектенди. ТОКТОБАЕВА жаштар үчүн окуу борборунда директордун орун басары болуп иштеди. Бул борбордон жаштар туристтик бизнес үчүн керектүү кесипке ээ болушат. 2004-жылдан тарта ушул кезге чейин Бостери айыл өкмөтүнүн маданий борборунда башчы болуп иштеп келатат. Кыргыз Республикасынын «Маданият отличниги» наамынын ээси.

2010-2010-ж.ж. райондук шайлоо комиссиясынын төрайымы, 2012-2014-ж.ж. аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү болуп иштеди.

Таза аналитикалык ой жүгүртө алуу жана тырышчаактык сапаттарга ээ болуу менен Роза ТОКТОБАЕВА 2002-жылы тегерегине бир нече аялды чогултуп алып, «Эссенд» коомдук фондун ачкан. Аталган фонд чөнтөгү жука үй-бүлөлөргө жана майып балдарга жардам берет. Айылдын жигердүү жашоочуларынан көркөм кол өнөрчүлүк ийримин түзүп, мында элеттиктер жөн гана ырдабастан, жаңы постсоветтик турмушка ык алып, жашап кетүү көндүмдөрүнө да ээ болушкан. Айыл аймактагы ишсиз аялдар үчүн тигүүчү цех ачып, айыл тургундары үчүн коомдук бирикменин китепканасын ача алды (1500 китеп бар).

Кыргызстан үчүн оор жылдары колунан келишинче адамдарга жардам бере алды. Адамдар менен баарлашууда чоң тажрыйбага ээ Роза ТОКТОБАЕВА элет тургундарынын, жаштардын, калктын аярлуу катмарынын социалдык коргоосун бекемдөөгө өтө чоң салым кошту.

Коомдук бирикме түзүү менен Роза ТОКТОБАЕВА айылдын инфраструктуралык маселелерин чечүүгө жардам берди, айылдагы мектептердин, балдар мекемелеринин натыйжалуу ишин уюшту-





рууга чоң салым кошту (мектеп-лицейдин чатыры жабылды, айылдагы эки бала бакча калыбына келтирилип, оңдолду, таза ичүүчү суу өткөрүлдү).

Айыл тургундары үчүн семинарларды, тренингдерди туруктуу өткөрүү менен, өзү да жаңы билим алуудан качпай, социалдык өнүгүү, жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу, команда түзүү, жаңжалдарды башкаруу, аялдардын коомдук иште ролун өнүктүрүү жана алдыга түртүү, аялдар лидерлигин жана гендердик теңдикти өнүктүрүү жаатында көндүмдөрүн жакшыртуудан чарчабай келет.

Роза ТОКТОБАЕВА өз айылынын турмушуна жигердүү катышып, калк менен үзгүлтүксүз иш алып барып, коомдук угууларда алардын кызыкчылыктарын коргоп, жергиликтүү бийлик, жергиликтүү кеңештин депутаттары менен тыгыз кызматташат. Ошондой эле башка коомдук бирикмелер жана мамлекеттик уюмдар менен да байланышты бекемдей алды.

Роза ТОКТОБАЕВАнын жакшы сапаттарынын бири – жаштарды ишке тарта билүүсү. Анын катышуусу жана колдоосу менен Бостериде жумушсуздук, кылмыштуулук менен күрөшүү максатында бир катар коомдук жаштар уюмдары түзүлгөн.



Нургүл **ЖАМАНКУЛОВА** тарабынан даярдалды

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## Чүй облусу: алгачкы жолугушуулар жана кызматташтыктын башаты

2015-жылдын 16-июнунан 24-июнуна чейинки мезгил аралыгында Чүй облусунун аймагында «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) 12 максаттуу муниципалитетинин өкүлдөрү менен багыт берүүчү жолугушуулар өткөрүлдү. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун кызматкерлери муниципалитеттердин жашоочуларына, активисттерге, ЖӨБ органдарынын жетекчилерине жана катардагы кызматкерлерине, депутаттарга Кыргызстанда ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат алдында отчеттуулугун жогорулатууга багытталган Долбоор тууралуу, жарандардын жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууга катышуусун кантип жогорулатуу керектигин, канткенде калктын жергиликтүү бийликке болгон ишеним жогорулатса болорун, айылдарда жана шаарларда турмуш шарты үчүн жоопкерчиликти кантип бөлүштүрүү керектигин айтып беришти. Кызматташтык ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин жана депутаттарынын дараметин жогорулатууну, Долбоор тараптан туруктуу техникалык колдоо, консультациялар болгон чакта күнүмдүк иште жаңы билимдерди жана башкаруу көндүмдөрүн иш жүзүндө колдонууну караштырат. Баары болуп жолугушууларга 326 киши катышты.

Долбоор менен кызматташтык ЖӨБ органынын жетекчилиги тараптан дайыма саясий эркти жана аны көрсөтүп турууну, башкарууда айкындуулукту жогорулатууну, бюджеттик маалыматты ачыктоону, жергиликтүү маанидеги чечимди кабыл алууда жергиликтүү жамааттын пикирин жана керектөөлөрүн эске алууну камсыздоонун үстүнөн иштөө аракетин талап кылат. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен 12 максаттуу муниципалитеттин ЖӨБ органдарынын ортосунда Кызматташтык тууралуу меморандумга кол коюлду. Оптималдуу жыйынтыктарга жетүү үчүн ар бир муниципалитетте көп сандагы иш-чараларды, маалымат алмашуу жана жергиликтүү калктын турмуш деңгээлин жогорулатуу үчүн шарт

***ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун муниципалитеттердеги координаторлору***

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Муниципалитет |
|---|---|---|---|
| 1 | Майрамкуль БЕДИЛБАЕВА | жергиликтүү жамааттын лидери | Күн-Туу |
| 2 | Тамара АРАНЖАНОВА | ФЭБдин жетекчиси | Күн-Туу |
| 3 | Гульзахира КОШОЕВА | жооптуу катчы | Фрунзе |
| 4 | Бакыт ЖУМАЛИЕВ | ФЭБдин жетекчиси | Фрунзе |
| 5 | Татьяна МАРТЫНОВА | ТКЧ адиси | Юрьевка |
| 6 | Чинаркуль САБИТОВА | ТСПАКБнын мүчөсү | Юрьевка |
| 7 | Данияр КАЙНАЗАРОВ | АӨ башчысынын орун басары | Александровка |
| 8 | Будеза ЯГУЗОВА | инвестициялар боюнча адис | Александровка |
| 9 | Лира СУЮНТБЕКОВА | социалдык маселелер боюнча башкы адис | Кочкорбаев |
| 10 | Зироф САИДОВ | ТКЧ башкы адис | Кочкорбаев |
| 11 | Назгуль КЕЛГЕНБАЕВА | жооптуу катчы | Бурана |
| 12 | Гульбара ИМАНАКУНОВА | материалдык бухгалтер | Бурана |
| 13 | Константин СУРАЕГИН | жооптуу катчынын милдетин аткаруучу | Боролдой |
| 14 | Аделя ОМУРАЛИЕВА | маданият үйүнүн директору | Боролдой |
| 15 | Бактыгуль ШИШБАШОВА | социалдык маселелер боюнча адис | Таш-Мойнок |
| 16 | Талгат МОМУНКУЛОВ | АК депутаты | Таш-Мойнок |
| 17 | Жарыш МАЛБАШЕВ | экономист-статист | Кызыл-Туу |
| 18 | Руслан САДАЛИЕВ | аскердик-эсепке алуу столунун адиси | Кызыл-Туу |
| 19 | Алла ЧЕТОКИНА | жооптуу катчы | Гроздь |
| 20 | Жаныбек ИСМАИЛОВ | инвестициялар боюнча адис | Гроздь |
| 21 | Атыркуль ЖУМАБАЕВА | АӨ башчысынын орун басары | Ак-Башат |
| 22 | Р. И. ЖАКЫПОВА. | социалдык маселелер боюнча адис | Ак-Башат |
| 23 | Чынара МАМЫРКАНОВА | ФЭБдин жетекчиси | Кемин шаары |
| 24 | Сейтек МУКАНБЕТОВ | шаардык кеңештин депутаты | Кемин шаары |

түзүүгө багытталган башка аракеттерди координациялоо үчүн кызматкерлерди жана жамаат өкүлдөрүн аныктап алышты. Чүй облусунун Жайыл районундагы Ак-Башат айыл өкмөтүнүн башчысынын айтымында, бюджет тууралуу маалыматты ачыктоо ЖӨБ органдарына бюджеттик каражаттар кайда, кантип жана кандай көлөмдө сарпталып жатканы тууралуу ыңгайсыз суроолордон куткарат. «Биз ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен иштешкибиз келет, өз бюджетибиз тууралуу маалыматты жарандарга берүүнү каалайбыз. Анын үстүнө бул жылы жергиликтүү бюджетибиздин киреше бөлүгү көбөйөрү күтүлүп жатат». ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташууда муниципалитеттер тараптан дайындалган жоопкерчиликтүү жана жигердүү жарандарды Долбоор кубаттап, алар үчүн атайын окуу өткөрдү (таблицаны караңыз).

## Чүй облусунун ЖӨБ органдарынын депутаттары жана кызматкерлери ЖӨБдүн негиздери боюнча окуудан өттү

Чүй облусунун 11 элеттик жана 1 шаардык муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үч жүздүн тегерегиндеги өкүлү «Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук жана уюштуруучулук негиздери» темасына окуудан өттү. Тренингге жергиликтүү кеңештердин депутаттары, айыл өкмөтүнүн жана мэриялардын башчылары жана адистери катышып, Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук негиздери жаатындагы билимдерин жана көндүмдөрүн жакшыртуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Мындан тышкары катышуучулар мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү маселелерин карап чыгып, жергиликтүү жамааттын өз алдынча башкарууга мыйзамдар менен бекитилген түз катышуу укугун талкуулашты, Чүй облусунун муниципалитеттеринде жергиликтүү жамааттын Уставын практикада колдонулушун изилдеп, талкуулай алышты.

«Биздин тренингдер биринчи кезекте өз ишин натыйжалуу пландаштырууда жана уюштурууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн дараметин жогорулатууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарынын ишин макулдашып алуусуна, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ишти уюштурууга багытталган, - дейт ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖӨБ менен иштешүү боюнча адиси Роза СУРАНЧИЕВА. – Тренингдин максаттарына жана тапшырмаларына ылайык, катышуучулар айылдык кеңештин дептуттарынын жана айыл өкмөтүнүн ишинин негиздери боюнча билимге ээ болуп, АК жана АКтын туруктуу комиссияларынын пландарын түзүү, алардын жергиликтүү маанидеги маселелердин жана берилген ыйгарым укуктардын аткарылышын баалоо, ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамааттын бирикмелери менен өз ара аракетине баа берүү боюнча көндүмдөргө ээ болушту».

ЖӨБ органдарынын ишин жөнгө салган мыйзамдык базанын салмактуу массивин изилдеп чыгып, катышуучулар берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү көз карашынан алганда өзүнүн күнүмдүк практикасын баалоо үчүн теориялык билимдерди колдонушту. Топтордо өткөрүлгөн практикалык иштер берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууда кыйынчылыктарды ачык көрсөтө алды. Тренингдердин катышуучулары мыйзамдардагы ченемдер менен АӨ аппаратынын адистеринин берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу практикасы ортосунда дал келбестиктер болгонун белгилешти. Мисалы, аскер-эсепке алуу столунун адиси мыйзамдагы талап кылынган иштерден сырткары альтернативалык кызмат өтөө үчүн акы чогултат, мал чарбачылыгы боюнча адис бир эле учурда ветеринардык дарыгердин иш-милдетин аткарат, эмдөө, эпизоотикалык кырдаалга байланышкан иш-чараларды өткөрөт. Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарга арналган 20-беренесинде аскер-эсепке алуу столунун адисинин иши аскерге милдеттүүлөрдү жана аскерге чакырылгандарды алгачкы кааттоо, аларды аскердик эсепке алуу, каттоодон чыгаруу, аскер кызматына чакырууга көмөктөшүү менен гана чектелет. Ал эми мал чарбачылыгы боюнча адистин ишине ветеринардык-санитардык иш-чараларды өз убагында өткөрүүнү уюштурууга жана селекциялык-асыл тукум иштерине көмөктөшүү кирет.

Катышуучулар берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча айыл өкмөтү эмнени жана кайсы талаптарга ылайык аткарыш керектигин сурашты; кайсы иш-чаралар жергиликтүү бюджеттен, ал эми кайсылары республикалык бюджеттен каржыланыш керектигине кызыгышты; ЖӨБ органдары берилген ыйгарым укуктар боюнча мыйзамдардын ченемдерин аткарууну кантип талап кыла алышат деген суроо узатышты. Аны менен катар КР Өкмөтү жарыялаган үч айлыктын алкагында жолдорду жакшыртуу тууралуу суроо узатылды. Өкмөт бардык уюмдарды, анын ичинде айыл өкмөтүн жана анын аппаратын республикалык маанидеги көчөлөрдөгү муниципалитеттин аймагы аркылуу өткөн жериндеги участокторду тазалоону тапшырган. Мында жөн гана таштандыдан арылтпастан, ошону менен бирге бак-дарактарды актап, бутап чыгуу зарыл. Муниципалитеттердин өкүлдөрү мындай чечимдер канчалык мыйзамга туура келерине кызыгышты. Себеби жолдор жол уюмдарынын карамагында турат жана аларды тейлөөгө тиешелүү министрликке республикалык бюджеттен каражат бөлүнүш керек эмеспи.

Мындай түрдөгү тренингдерди өткөрүүнүн пайдасы болгонун КР Мамлекеттик кадр кызматынын

муниципалдык кызматчылардын ишинин натыйжалуулугуна баа берүүнүн жыйынтыктары тууралуу маалыматы да тастыктайт (10-бетти караңыз). Бул баа берүүнүн жыйынтыгына ылайык, Чүй облусунун ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү «мыкты» деген баа алгандардын саны боюнча жети облустун рейтингинде акыркы орунда турат. Чүй облусунун аймагында ишин 2015-жылы гана баштаган ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖӨБ органдарынын жетекчилери муниципалдык кызматчыларга жаңы билим алуу үчүн түзүлгөн бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп, аларды тренингдерге жана семинарларга катыштырыш керек деп эсептейт. Окуудан пайда болгонуна Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын муниципалдык кызматчыларынын ийгиликтери да далил болуп берет. Бул аймактарда Долбоор 2012-2015-жылдар аралыгында ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн көптөгөн окутуучу, маалымат берүүчү жана башка иш-чараларды өткөргөн. Айталы, Жалал-Абад облусу (45%) жана Ысык-Көл облусу (36%) «мыкты» деген баа алгандардын саны боюнча биринчи жана экинчи орундарды ээлеген. Ошондой эле аталган облустар эмгек акысы жогорулатылыш керек болгон же сыйлыкка көрсөтүлгөн кызматчылардын саны боюнча да биринчи жана үчүнчү орундарды ээлеген.

# ӨСИ жаңылыктары

## КР Каржы министрлигинин өкүлү журналисттерди бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясы менен тааныштырды

Кыргыз Республикасынын премьер-министри Темир САРИЕВ 2015-жылдын 21-июлунда Финансы министрлигинин коллегиясында өлкөдөгү бюджеттер аралык мамилелер системасын өзгөртүү зарыл экенин белгилеген. Ведомство 2016-2019-жылдарга Бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясынын долбоорун иштеп чыгып, аны 2015-жылдын 6-августунда журналисттерге Финансы министрлигинин Жергиликтүү бюджеттерди пландоо жана аларга мониторинг жүргүзүү башкармалыгынын жетекчисинин милдетин аткаруучу Нурлан РАХАНОВ тартуулады. Концепциянын долбоору ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында уюштурулган пресс-сессия түрүндө тааныштырылды.

Географиялык жайгашкан жерине жана аймактын өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө карабастан ЖӨБ органдарынын финансы ресурстарынын өсүшү үчүн шарт түзүү максатын көздөгөн документ жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтунун өнүгүүсүнө дем бермекчи. Орто мөөнөттүү мезгилде төмөнкүдөй тапшырмаларды аткаруу сунушталат: 1) бюджеттер аралык мамилелерде мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын вертикалдык жана горизонталдык өз ара аракетин күчөтүү; 2) ЖӨБ органдарынын киреше дараметин жогорулатуу; 3) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жардамы менен жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программаларды каржылоонун натыйжалуу механизмин түзүү; 4) ЖӨБ органдары үчүн стимулдарды түзүүгө негизделип, жергиликтүү бийликтерге финансы жардамын берүү шарттарын өркүндөтүү, бир жагынан өз кирешелерин жогорулатуу, экинчи жагынан болсо чыгашаларды оптималдаштыруу; 5) жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча жаңыланган эрежелерди түзүү. Бул болсо ЖӨБ органдарына өз финансы каражаттарын өз алдынча башкарууга жол бермекчи.

Вертикаль боюнча өз ара аракетти күчөтүү мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы чыгаша милдеттенмелерин жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү боюнча ишти жыйынтыктоону караштырат; жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүштүрүүдө жана трансферттик саясатты түзүүдө алардын кызыкчылыктарындагы теңдиктин сакталышын карайт; ЖӨБ органдары, анын ичинде дотациядагылары өнүгүү бюджеттерин түзүүгө кызыкдар боло тургандай шарттарды түзөт. Горизонталдык өз ара аракет муниципалдар аралык кызматташтыкка ЖӨБ органдарын жана мамлекеттик органдарды тартуу дегенди билдирет.

Кирешелерди бөлүштүрүүдө «бир салык – бир бюджет» принцибин колдонуу мүмкүнчүлүгү каралууда (киреше салыгынын жана жер казынасы үчүн салыктын (роялти) үлүшүн жергиликтүү бюджеттердин пайдасына 100% чейин көбөйтүү). Жергиликтүү экономиканын өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрүнө таянган жергиликтүү бюджеттердин киреше дараметин эсептөө бюджеттик жетишсиздикти теңдештирүү үчүн негиз болуп бермекчи.

Жергиликтүү бюджеттердин экономикалык жана статистикалык көрсөткүчтөрү боюнча бирдиктүү маалымат базасын түзүү жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн түзүүдө ишенимди жана негизделгендигин арттырат. Жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды, ошондой эле патенттердин негизинде салыктарды өз алдынча башкаруу дем берүүчү гранттарды бөлүштүрүүгө жана аймактык деңгээлде мамлекеттик программаларды, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердеги каражаттын эсебинен жергиликтүү өнүгүү программаларын каржылоону координациялоого карата жаңыча мамилелер жергиликтүү бюджеттин ресурстарын дагы да натыйжалуу колдонууга жол берет. Концепцияда ушул тапта ишке ашырылып жаткан программалардын бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндөгү сунушталып жаткан реформалар менен байланышы да көрсөтүлгөн.

Концепциянын толук тексти «Муниципалитет» журналынын жакынкы сандарынын биринде жарыяланат. Ал эми азыр эле КР Финансы министрлигинин сайтында төм. шилтеме боюнча таба аласыз: http://www.minfin.kg/ru/novosti/proekty-normativnykh-pravovykh-aktov/minfin-kr-razrabotal-proekt-kontseptsii-razvitiya-.html

# Борбордун турмушу – бюджеттен бюджетке чейин

Баары салыштыруудан билинет эмеспи. Бюджеттик процесстин катышуучулары да бул сөзгө кошулат. Мисалы, өткөн жылы борбордук казына кандай болгон, Бишкек канча акча тапкан, аны эмнеге сарптаган, мегаполис кантип жарандардын турмуш тиричилигин камсыздоого байланышкан маанилүү маселелерди чечкен жана андан бери эмнелер өзгөргөн? 2015-жылдын бюджетинин киреше бөлүгүн эмне түзөт, кирешелер туура эле болжолдонгонбу, мэрия каржылоо маселесин кантип чечүүнү пландаштырып жатат? Ушул жана башка курч суроолор «Бишкектин 2015-жылдагы бюджетинин өзгөчөлүктөрү» деген темада өткөн пресс-сессияда жаңырды. Иш-чара 8-июлда Өнүктүрүү саясат институтунда өттү.

Борбордун бюджеттик чөйрөсүндөгү абалга жана реформаларга жасалган анализ менен журналисттерди бюджеттер аралык мамилелер боюнча эксперт Асылбек ЧЕКИРОВ тааныштырды. Өз баяндамасын ал толугу менен Бишкекти көрктөндүрүү, өнүктүрүү боюнча пландарды ишке ашырууда борбор калаанын бийлиги туш болгон жана чечип келаткан актуалдуу маселелерге жана көйгөйлөргө арнады. Өткөн жылдарга салыштырмалуу кирешелерди чогултуу чөйрөсүндө да, аларды бөлүштүрүүдө да олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Бул реформаларды соңуна чыкты деп айтууга болбойт. Алар эми гана башталды жана өтө жай жана курч мүнөздө жүрүп жатат. Бирок маанилүүсү – канткен күндө да өзгөрүүлөр башталды. Соңунда бюджеттик процесстин бардык алдыңкы катышуучулары реформалар зарыл деген бир пикирге келди.

«Сонку жылдардан бери биринчи жолу борбордун бюджетиндеги турак жай-коммуналдык чарбалыктын салыштырмалуу салмагы билим берүүдөн кийинки эле экинчи орунду ээледи, - деп билдирди Асылбек ЧЕКИРОВ. – 2015-жылы Турак жай-коммуналдык чарбалыктын чыгашалары 1,92 миллиард сом өлчөмүндө бекитилген. Бул болсо бийликтин аткаруу органдарынын бюджеттин чыгашалар бөлүгүндөгү саясаты өзгөргөнүн билдирди. Эми алар өзүнүн түздөн түз милдеттенмелерин аткарууга киришти».

Эксперт ММКнын көңүлүн борбордун бюджетин ашкере борбордоштуруу көйгөйүнө жана бийликтин деконцентрациясы зарыл экенине бурду. Ушул кезге чейин бардык каражаттар мэрияда топтолуп келген. Албетте муну азырынча акчасы жок, демек бийлиги да, таасири да болбогон райондук түзүмдөрдөн аттап, себеби менен да, эч себепсиз да мэрия аппаратына кайрылган карапайым жарандар, бизнес, уюмдар түшүнөт. Ал арада мэрия жарандардын ТКЧ, транспорт чөйрөсүндөгү сапаттуу кызмат көрсөтүүлөргө карата улам өсүп жаткан керектөөлөрүн канааттандырууга үлгүрбөй жатат.

ӨСИде өткөн пресс-сессия бюджеттик тема барган сайын экономикалык журналисттерди кызыктырып жатканын дагы бир жолу тастыктады. Журналисттер баяндамачы ЧЕКИРОВго борбордогу жолдордун курулушу, таштандыларды жыйноо жана кайра иштетүү, жаңы жумушчу орундарды түзүү, сентябрда убада кылынгандай мугалимдердин эмгек акысын көтөрүү ж.б. тууралуу суроолорду жаадырышты.

Катышуучулардын айтымында, алардын убактысы текке кеткен жок – алар борбордун ушул жылга бюджетине жасалган терең анализди алып, чечилбей жаткан көйгөйлөр тууралуу биле алышты. Мунун баары чогулуп келип, аларга аналитикалык макала жазуу үчүн бай фактураны берет. Коомчулукту маалымдоону күчтөндүрүү максатында ӨСИ Шаарды өнүктүрүү агенттиги менен өнөктөштүктө жана «Бишкек шаарынын бюджеттик процессинин айкындуулугунун жана отчеттуулугунун деңгээлин жогорулатуу» Долбоорун ишке ашыруунун алкагында DFID финансылык колдоосу алдында Бишкектин бюджеттик тематикасына арналган ММК үчүн пресс-сессиялардын циклин уланта берүүдө.

# Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча долбоор мамлекеттик өнөктөштөр менен байланыш түздү

2015-жылдын 29-июлунда Швейцария Өкмөтү каржылаган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоору Кыргызстанда муниципалдык деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу жолдорун талкуулоо үчүн тегерек стол өткөрдү. Тегерек стол талкуусу «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоору (ЖДККЖ Долбоору) менен Кыргызстанда жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга кызыкдар тараптар ортосунда туруктуу өнөктөштүктү өнүктүрүү максатын көздөдү.

ЖДККЖ Долбоорунун дизайнын, күтүлүп жаткан өнөктөштүктү жана коммуникация форматын талкуулоо боюнча иш-чарага мамлекеттик органдар, бейөкмөт уюмдар, эксперттик жамаат катышты. Тегерек столдун ишине Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы элчиси Рене ХОЛЕНШТАЙН мырза, КР Өкмөт Аппаратынын мамлекеттик башкаруу бөлүмүнүн башчысы К. ШАДЫБЕКОВ, КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча агенттиктин (ЖӨБЭММА) директору, ЖӨБ Союзунун аткаруучу директору Д.БАЛТАГУЛОВ жана башкалар катышты. Тегерек столдун ишинин жыйынтыгы боюнча ЖДККЖ Долбоору менен ЖӨБ Союзу, ЖӨБЭММА, КР Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарбалык боюнча мамлекеттик агенттик ортосунда Кызматташтык тууралуу меморандумдарга кол коюлду. Швейцария Өкмөтү 2015-жылдын июнь айында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы жергиликтүү бийлик органдарына жардам көрсөтүү үчүн ЖДККЖ Долбоору баш-

талганын расмий жарыялады. Долбоор ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн жана Өнүктүрүү саясат институтунан турган уюмдардын консорциуму менен ишке ашырылууда. Биринчи фазанын төрт жылдыгында долбоор Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы тандалып алынган айылдык аймактар менен жарандардын талаптарына жооп берчү сапаттуу кызматтарды көрсөтүүгө жеткиликтүүлүктү жакшыртуу жана камсыздоо жаатында тыгыз кызматташтыкта иштешет. Долбоор таштанды чыгаруу, көчөлөрдү жарыктандыруу, турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк ж.б. өңдүү жергиликтүү маанидеги кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга багытталган. Долбоор жарандарды жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоого, ишке ашырууга жана аларга мониторинг жүргүзүүгө тартат. Ал элет жергесинде жашоо шартты жалпысынан жакшыртуу көмөктөшмөкчү.

## ЖДККЖ Долбоорунун 14 максаттуу муниципалитети тандалып алынды

2015-жылдын июль айында Швейцария Өкмөтү каржылаган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоору (ЖДККЖ Долбоору) 14 максаттуу муниципалитеттин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бир катар Кызматташуу тууралуу меморандумдарга кол койду. Алар: Ысык-Көл облусунун Липенка, Жети-Өгүз, Бостери, Кумбел, Улахол, Б.Мамбетов жана Ак-Чий айылдык аймактары; Жалал-Абад облусунун Көк-Таш, Ала-Бука, Сакалды, Масы, Ленин, Багыш жана Сумсар айылдык аймактары. Меморандумдун шарттарына ылайык, тараптар ЖДККЖ Долбоорунун жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөр системасын жакшыртууга багытталган бардык талаптарын аткарууга милдеттенет. Мындан тышкары ЖДККЖ Долбоорун ишке ашыруунун баштапкы баскычында максаттуу муниципалитеттер менен иш-аракеттердин деталдуу пландары иштелип чыкты жана макулдашылды. ЖӨБ органдарынын жетекчилери кызмат көрсөтүүнүн туруктуу системасын түзүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде шарт түзүү үчүн ЖДККЖ Долбоорунун маанисин, өз маалында башталганын жана актуалдуулугун баса белгилешти.

## ЖДККЖ Долбоору кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча пландарды иштеп чыгуу үчүн грант берет

2015-жылдын июль айында ЖДККЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринин финансы-экономикалык бөлүмдөрүнүн жетекчилери үчүн гранттарды башкаруу боюнча билимди жана практикалык көндүмдөрдү жогорулатуу боюнча окуулар уюштурулду. Окуу жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талаптарын канааттандыруу боюнча ЖӨБ органдарынын иш-аракеттерин жүзөгө ашыруу жөндөмүн арттыруу максатын көздөдү. ЖДККЖ Долбоорун жергиликтүү деңгээлде аткаруу боюнча менеджери Асылбек ЧЕКИРОВ белгилегендей, пилоттук муниципалитеттердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү үчүн ишти пландаштыруу маселелери, артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде калктын аярлуу катмарларында да аныктап алуу процессин фасилитациялоонун өзгөчөлүктөрү боюнча окуудан өтүштү: «ЖДККЖ Долбоорунун дизайны кызмат көрсөтүүлөр системасын өз алдынча уюштурууда ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин жогорулатууну караштырат. Ал кызмат көрсөтүүлөр өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдү, жарандык коомдун өкүлдөрүн окутуу, ошондой эле ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр менен өз ара аракети. Муниципалитеттер жергиликтүү деңгээлде системалык өзгөрүүлөрдү жайылтуу жолу менен өз калкына көрсөткөн кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртууда ЖДККЖ Долбоору көмөк көрсөтөт». Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын 14 муниципалитети кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча пландарды иштеп чыгуу үчүн гранттарды алышты. «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоору (ЖДККЖ Долбоору) Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын 14 пилоттук муниципалитетинин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен гранттык макулдашууга кол койду. Макулдашуунун шарттарына ылайык, 263 645 сом өлчөмүндө гранттар ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын дараметин көтөрүү максат коюлган бирдиктүү иш-чараларды колдоого жана кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча Пландарды иштеп чыгууга багытталат. Ал Пландар ар бир пилоттук айылдык аймакта иштелип чыгат. Келечекте кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча Пландарга негизделген табыштамалар катышкан сынактын жыйынтыгы боюнча ЖӨБ органдары ошол Пландарды ишке ашырууга грант алышат.

Өз кезегинде ЖӨБ органдары жарандарды артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү талкуулоо жана түзүү процессине тартуу, анын ичинде калктын аярлуу катмарынын пикирин эске алуу боюнча иш-чараларды өткөрүү үчүн жооптуу болушат.